КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ

# 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ӨТҮҮ

## ЭҢ МААНИЛҮҮ 100 СУРООГО ЖООП

# ДҮЙНӨ БАСКАН ЖОЛГО БАГЫТ АЛАЛЫ

Садыр ЖАПАРОВ,
Кыргыз Республикасынын
Президенти



“Мурдагыдай түшүнсө-түшүнбөсө дагы эрежелерди жаттоону таштап, алып жаткан билимин турмушта пайдаланууга, кесипке эрте багыт берүүгө басым жасалууда. Дагы бир топ өзгөрүүлөр менен 12 жылдык окуу системасы алгылыктуу деп табылып, ийгиликтерди жаратууда. Мындай шартта биз дүйнө баскан жолго багыт алышыбыз керек керек деп эсептейм”.

“Азыр дүйнө тынымсыз, күн сайын өзгөрүү жолунда. 150дөн ашуун өнүккөн өлкөдө заман талабына ылайык 12 жылдык билим берүү системасы аркылуу окутуунун мазмуну, билим берүүнүн ыкмалары өзгөрдү”.

“Дүйнөдө технологиялар укмуштуудай ылдамдыкта өнүгүп жатат. Бүгүнкү күндө ар бир окуучуга үйдөн чыкпай эле кошумча билим алууга мүмкүнчүлүк түзүлүүдө. Мындай шартта, биздин билим берүү системабыз заманбап талаптарга жооп береби деген суроо жаралат. Албетте, биз эң мыкты дүйнөлүк тажрыйбаны өздөштүрүүгө аракет кылып жатабыз».

“Билим берүүнүн түзүмү гана эмес, мазмуну да өзгөрөт. Заман талабына жооп берген жаңы окуу китептери киргизилет. Окутуунун методикасы дагы өзгөрөт: билимди жаттап алуунун ордуна, окуучулар аны практикалык колдонууга өтүшөт”.

# МАЗМУНУ

Баш сөз. Догдургүл Кендирбаева, Кыргыз Республикасынын Агартуу министри........ 9-10

Киришүү........ 11-12

## I. 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ӨТҮҮНҮН ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕРИ

1. Эмне үчүн Кыргызстан 12 жылдык билим берүүгө өтүп жатат? Негизги себептери........ 13-14

2. 12 жылдык мектеп окуучуларга жана коомго кандай артыкчылыктарды берет?........ 15

3. Жаңы улуттук билим берүү модели деген эмне?........ 16-18

4. «Алтын Казык» программасы деген эмне жана анын негизги багыттары кайсылар?........ 18-19

5. 12 жылдык мектеп алкагында билим сапатын жогорулатуу кантип ишке ашат?........ 19-20

6. Жаңы моделде инклюзивдүү билим берүү кандай болот?........ 20

7. 12 жылдык билим берүү моделине өтүүдө балдар канча жашында мектепке барышат жана канча жашында бүтүрүшөт?........ 20-21

8. Эмне үчүн окутууну алты жаштан баштоо чечими кабыл алынды? Бул балдар үчүн эрте эмеспи?........ 22

9. Шаарлардагы балдар ашыкча шыкалган мектептер эмне болот? Бардык окуучуларга орун кантип жетет?........ 23-24

10. Кыргызстан 12 жылдык мектепке өтүүгө даярдыгы жетиштүүбү? Шашылуу көп көйгөйгө алып келбейби?........ 24-26

11. Жаңы билим берүү моделин ишке ашырууга мамлекет канча каражат бөлүүдө?........ 26-27

12. Эмне үчүн өлкөдө гимназия жана лицей статусу жоюлду? Бул билим сапатына терс таасир тийгизбейби?........ 27-28

13. Жаңы билим берүү моделинде тарбия кандай ролду ойнойт жана анда улуттук баалуулуктар кандайча эске алынат, «Кыргыз жараны» жарандык өзүн-өзү таануу кандайча калыптанат?........ 28-29

14. Мектепте профилдик окутуу кандай артыкчылыктарды берет?........ 29-30

15. Профилдик билим берүүнүн жыйынтыгында окуучуларга мамлекеттик сертификат бериле би?........ 30
16. Профилдик окутуу учурунда кайсы кесиптер жана багыттар жетиликтүү болот?........ 30-31
17. Профилдик билим берүүдө кесиптик лицейлер кандай ролду ойнойт?........ 31
18. Жалпы республикалык тестирлөөдө өзгөрүүлөр болобу? ЖОЖго тапшыруу үчүн босого балл жогорулайбы?........ 31

## II. 12 ЖЫЛДЫК МЕКТЕПКЕ ӨТҮҮДӨ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

19. 12 жылдык окутуу моделин киргизүүдө мектептик билим берүүнүн мазмуну кандай өзгөрөт?........ 32
20. 12 жылдык мектепке өтүүгө байланыштуу башталгыч, орто кесиптик жана жогорку окуу жайлардын окуу программаларында кандай өзгөрүүлөр болот?........ 32-33
21. Мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик стандартына кандай өзгөртүүлөр киргизилди?........ 33
22. Жаңы модель боюнча кайсы сабактар мектептик программага интеграцияланат?........ 33
23. Эгер бешинчи класстар жаңы программа менен окуса, окуу процессинде кандай өзгөрүүлөр болот?........ 34
24. 12 жылдык окутууга өтүүдө сабактардын саны жана окуу сааттары өзгөрөбү? Айрым сабактар кыскартылабы же жоюлабы?........ 34
25. 1-классты алган мугалим ошол эле классты 6-класска чейин окутабы же 4-класстан кийин жаңы мугалим жана класс жетекчи болобу?.... 34-35
26. 1-4-класстарда иштеген башталгыч класстын мугалимдери 5-6-класстарда да сабак бере алабы?........ 35
27. «Технология» жана «Сүрөт» сабактары жаңы модель боюнча кантип окутулат?........ 35
28. 12 жылдык окутууга өткөндө окуучулардын жүгү кандай өзгөрөт?........ 35-36
29. 1-класстын окуучуларына канча сааттык окуу жүгү каралган?........ 36
30. Мугалимдерге болгон бюрократиялык жүктү азайтуу үчүн кандай чаралар көрүлүүдө?........ 36
31. 2025-2026-окуу жылында кайсы класстарда «секирик» болот?....... 36-37
32. 2025-2026-окуу жылында мектептер бир убакта эки окуу программасы менен иштейби?........ 37-38

33. Дин таануу сабагы кайсы класстарда канча көлөмдө окутулат?....... 38
34. «Жаратылыш таануу» сабагы кайсы класстарда окутулат? Мугалимдер аны окутууга даярбы?................................................................ 38
35. 2025-2026-окуу жылында физика, химия, биология жана география сабактары кантип окутулат?............................................................ 38-39
36. Англис тилин үйрөнүү кайсы класстан башталат жана кайсы окуу китептер боюнча жүргүзүлөт?................................................................ 39

## III. 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ӨТҮҮДӨ МУГАЛИМДЕРДИ ДАЯРДОО ЖАНА КОЛДОО

37. 12 жылдык билим берүү моделин киргизүүгө байланыштуу мугалимдерге кандай жаңы талаптар коюлат?.................................................. 40
38. Мамлекет мугалимдерге санариптик жана технологиялык көндүмдөрдү өнүктүрүүдө кандай колдоо көрсөтөт?.............................. 41
39. Бардык мугалимдер кайра даярдыктан өтүшү керекпи? Бул кайсы категориядагы педагогдорго тиешелүү болот?..................................... 41-43
40. Жеке менчик мектептердин мугалимдери кайра даярдоо курстарын кайда жана качан өтүшөт?.............................................................. 44
41. Жаңы предметти окутууну каалаган мугалим кайра даярдыктан же квалификациясын жогорулатуу курсун өтүшү керекпи?....................... 44
42. 12 жылдык билим берүү боюнча мугалимдердин окутуусу жана квалификациясын жогорулатуу кандай уюштурулат?............................ 44
43. Жаңы система боюнча мугалимдерди аттестациялоо кандайча өткөрүлөт? Ал милдеттүү болобу же ыктыярдуу калабы?............................ 45
44. Педагогикалык ЖОЖдорду бүтүргөндөр мектепке барбайт, даярдык деңгээли да начар. Бул көйгөйдү чечүү үчүн кандай чаралар көрүлүүдө?............................................................................................... 45-46
45. 12 жылдык билим берүүгө өткөндө окутуу ыкмалары кандай өзгөрөт?....................................................................................................... 46
46. Эмне үчүн билим берүү реформасында STEM сабактарынын мугалимдерине артыкчылык берилүүдө?............................................ 46-47
47. Педагогика багытында окуп келген жаш адистердин даярдыгы төмөн. Бул кемчиликти ондоонун кандай чарасы көрүлүүдө?.................. 47-48
48. Жаңы билим берүү моделин ишке ашырууга байланыштуу мугалимдердин эмгек акысын жогорулатуу пландалуудабы?............................ 48
49. Окуу жүгү азайса, мугалимдердин эмгек акысы кандайча эсептелет?....................................................................................................... 48

## IV. ОКУУ КИТЕПТЕРИ МЕНЕН КАМСЫЗДОО

50. Билим берүүнүн жаңы моделине өткөндө окуу китептеринин жетишсиздик көйгөйү курчубайбы? ..... 49-20
51. Мектеп окуучулары англис тилин кайсы окуу китептери менен жана кайсы класстан баштап окушат? ..... 51
52. Башталгыч класстардын окуучулары үчүн жаңы окуу китептерин иштеп чыгуу кандай жүрүп жатат? ..... 51
53. Эмне үчүн Сингапурдун окуу китептери үлгү катары тандалып алынды? ..... 51-52
54. 12 жылдык билим берүүнүн алкагында башталгыч мектеп үчүн басылып чыккан окуу китептеринин негизги артыкчылыктары эмнеде? ..... 52
55. Окуу китептеринин жетишсиздик көйгөйү качан чечилет? ..... 52
56. Окуу китептеринин электрондук версиялары каралганбы? ..... 53

## V. МЕКТЕПТИН БИРИНЧИ КЛАССЫНА КАБЫЛ АЛУУ ШАРТТАРЫ. ЭЛЕКТРОНДУК КАТТОО

57. Балдарды 1-класска электрондук каттоо кантип жүргүзүлөт? ..... 54
58. Мектепке каттоо үчүн кандай документтер керек? ..... 55
59. Туулгандыгы тууралуу күбөлүктө так эмес маалыматтар көрсөтүлсө, эмне кылуу керек? ..... 55
60. Туулгандыгы тууралуу күбөлүк башка өлкөдө берилген болсо, эмне кылуу керек? ..... 55-56
61. Мектепке кабыл алууда кимдин жеңилдиктерге укугу бар? ..... 56
62. Эгер бала мектепке туруктуу катталган жери боюнча катталып, бирок иш жүзүндө башка райондо жашаса эмне кылуу керек? ..... 56
63. Каттоодо кокустан туура эмес окутуу тили тандалып калса эмне кылуу керек? ..... 56-57
64. Эгер бала «Наристе» даярдоо программасынан өткөн болсо, бирок система аны 2-класска эмес, 1-класска каттап койсо эмне кылуу керек? ..... 57
65. «Наристе» программасынан өткөн балдар кайсы программа боюнча окушат? ..... 57
66. Эгер ата-энелер система сунуштаган мектептен баш тартып, башка мектепти тандагысы келсе, эмне кылуу керек? ..... 57-58
67. Өзгөчө билим берүү муктаждыгы бар балдар мектепке кантип кабыл алынат? ..... 58

68. Эгер мектепке 2018–2019-жылы туулган балдар кабыл алынса, канча кошумча класс жана мугалим талап кылынат?........................................ 58

69. Эгер биз каттоону өтүп койгон болсок, баланын «Наристе» программасы боюнча окуганын кантип тастыктайбыз?........................................ 58-59

70. Мектепке катталгандан кийин баланын деңгээлин тест менен текшеришеби же ал дароо окуй баштайбы?........................................ 59

## VI. 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ӨТҮҮГӨ БАЙЛАНЫШТУУ ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУДА АТА-ЭНЕЛЕРДИ ТҮЙШӨЛТКӨН СУРООЛОР

71. Мектептерде окуучуларга тамак берүү азыркы деңгээлде сакталабы?........................................ 60

72. Балдар бакчаларында окуй турган балдар үчүн ысык тамак болобу? Же ата-энелер өздөрү тамак даярдашы керекпи?........................................ 60

73. Балдар тез чоңоюшат. Көпчүлүгү 9-класстан кийин кетип жатса, эмне үчүн 12-класска чейин мектепте окуш керек?........................................ 60

74. Менин балам алты гана жашта. Ал мектепке даяр эмес. Окууну баштоо эрте эмеспи?........................................ 61

75. Менин кызым 2019-жылдын 25-декабрында туулган. Сентябрда алтыга да чыкпайт. Мектепке жибербей турсак болобу?........................................ 61

76. Менин балам «Балалык» же «Наристе» программасынан өткөн эмес. Ал даярдыгы жок 1-класска бара алабы?........................................ 61-62

77. Баланын бою кичинекей жана психологиялык жактан даяр эмес. Эгер аны быйыл мектепке бербесек эмне болот?........................................ 62

78. Жаңы окуу жылында 1-2-класстар кайсы программа боюнча окушат? Ал мурункудан эмнеси менен айырмаланат?........................................ 62-65

79. 1-2-класстардагы балдар күнүнө канча саат окушат?........................................ 65-66

80. Сабактар эми оюн түрүндө өтөт. Демек, балдарга баа коюлбайт, анда алардын окууга болгон кызыгуусун жоготуп алышпайбы?........................................ 66

81. Менин улуу балам 1-класста окуйт. Ал эми башкалары 1-класска эми барышат. Алар 2-класста бир эле программа менен окушабы?........................................ 66

82. Жаңы моделге өтүү менен сабактардын саны азаябы? Азыр балдар күнүнө 7 сабак окушат – бул өтө көп........................................ 67

83. Эгер окуу китептери өтө татаал болсо, аларды кайра жазыш керекпи? Кээде биз, ата-энелер да, аларды түшүнбөйбүз........................................ 67

84. Мурда жаңы китептер үчүн ижара акысы алынчу. Жаңы окуу китептери үчүн да төлөш керекпи?........................................ 68

85. Мектептерге бир эле учурда 1-жана 2-класска балдар кабыл алынат. Орун жетпей жатканда аларды кантип батырышат?.......................... 68

86. Эгер балдар бала бакчанын имаратында окуса, алар бири-бирине тоскоол болбойбу?............................................................................. 68-69

87. Эмне үчүн бир класста окуучулар ашыкча көп — 45–55? Мугалим баары менен иштөөгө жетишпейт.................................................................. 69

88. Бир эле мугалим 1-класстан 6-класска чейин классты жетектейби?.............................................................................................. 69

89. Мектеп формасы ошол бойдон калабы же өзгөрөбү?.......................... 69-70

90. Биздин мектепте физика мугалими бир чейрек бою жок болду. Кадрлардын жетишсиздиги кантип чечилип жатат?............................. 70

91. Балдар телефондо ойноп, окушпайт. Мектепте смартфондорго тыюу салуу керекпи?...................................................................... 70

92. Мектептерде тыюу салынганына карабай акча чогултуу уланууда. Муну менен кантип күрөшүү керек?................................................ 70-71

93. Электрондук күндөлүктүн пайдасы эмнеде? Ал бекер болобу?......... 71

94. 1-класстын окуучулары да электрондук күндөлүктү колдонобу?........................................................................................... 71

95. Мектептерде зордук-зомбулук фактылары болуп жатат. Балдардын коопсуздугу кантип камсыздалат?................................................... 72

96. Мектептеги чогулушка ата-энелер аз келет. Ата-энелердин мектеп жашоосуна катышуусун кантип жакшыртуу керек?............................ 72-73

97. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар мектепке кантип кабыл алынат? Аларга кантип кам көрүлөт?....................................................... 73

98. Биз кызыбызды 9-класстан кийин колледжге берүүнү каалаганбыз. Эми бул мүмкүн эмес болобу?..................................................... 73-74

99. Балдар 12-класстан кийин кесип жөнүндө документ ала алабы?............................................................................................ 74

100. Жогорку класстарда кайсы кесиптерди жана адистиктерди тандоого болот?.................................................................................. 74

**Урматтуу мугалимдер!**
**Урматтуу ата-энелер!**
**Урматтуу окурман!**

Догдургүл КЕНДИРБАЕВА,
Кыргыз Республикасынын
Агартуу министри



Бүгүнкү күндө балдары бар дээрлик ар бир үй-бүлөдө Кыргызстанга 12 жылдык билим берүү эмне үчүн керек деген суроо талкууланып жатат.

Биринчи класска чоң үмүт, аруу кыял жана келечекке болгон ишеним менен бараткан баланы элестетиңизчи. Биз, чоңдор, анын жашоосунун пайдубалы бекем болуп, сапаттуу билим алып, өзүнө ишенимдүү, чечим кабыл алууга даяр болуп өсүп чоңоюшун тилейбиз. Эми өзүбүзгө чынчыл суроо берели – биз ага муну 11 жыл ичинде бере алабызбы?

Дүйнө тез өзгөрүүдө. Бүгүн жөн гана көбөйтүү таблицасын жаттоо же өлкөлөрдүн борборлорун билүү маанилүү эмес. Ой жүгүртүүнү, маалымат издөөнү, командада иштөөнү, өзүн жана башкаларды түшүнө билүү керек. Чоңдордун жашоосуна – университетке, жумушка, үй-бүлөгө даяр болуу керек.

Буга байланыштуу «Алтын Казык» мектептик билим берүүнү трансформациялоо программасы иштелип чыгып, ишке ашырылууда. Ал жакынкы 10 жылга билим берүү тармагында эң дымактуу максаттарды жана милдеттерди коёт. Бул модель балдарыбызга дүйнөлүк деңгээлдеги билимдерди жана көндүмдөрдү камсыз кылып, алардын талантын жана потенциалын толук ачууга мүмкүндүк берет.

12 жылдык система менен мурдатан окутуп келе жаткан өлкөлөрдө окуучулар мектептен кыйла жетилип, кыйла ишенимдүү чыгышат. Алар көбүрөөк окуп, тереңирээк түшүнүп, өз тандоосун аң-сезимдүү жасоого жетишет. Кыргызстанга да ушундай жол керек. Биздин балдар чет өлкөдөн талаада калбаш үчүн дүйнөлүк атаандаштыкка жөндөмдүү болушу

керек, өзүнүн өлкөсүндө башын бийик көтөрүп, өзүн кыргызстандыкмын деп сыймыктанып атап, келечекти курганга даяр болушу керек.

Ооба, бул чакырык. Бирок бул биздин балдарыбыздын, демек, бүтүндөй өлкөнүн жаркын келечегин ойлогон чечим. Билим берүү – бул балдарыбыздын жана бүтүндөй өлкөнүн келечегине инвестиция.

Биздин мамлекет муну түшүнөт. Ошондуктан билим берүү системасын трансформациялоого 25,8 миллиард сом жумшоо тууралуу маанилүү жана батыл чечим кабыл алды. Бул алдыга жасалган чоң кадам. Бул каражаттар чындап маанилүү иштерге: мектептерди жаңыртууга жана заманбап инфраструктураны курууга, жаңы окуу программаларына жана окуу китептерине, мугалимдерибиздин квалификациясын жогорулатууга, мектептерди лабораториялар жана санариптик технологиялар менен жабдууга жумшалат. Мунун баарындагы башкы максат – балдарыбызга сапаттуу, заманбап жана турмуштук маанилүү билим берүү, бул аларга келечекке ишенимдүү кадам таштоого жардам берет.

Биз өзгөрүүлөр ар дайым суроолорду жана тынчсызданууну жаратарын билебиз. Дал ошондуктан биз ата-энелерди жана мугалимдерди тынчсыздандырган бардык суроолорго жооп берүү үчүн бул маалымдаманы түздүк. Өзгөрүүлөр эмне үчүн керек экенин жана алар эмне үчүн ушунчалык маанилүү экенин жакшыраак түшүнүүгө бул маалымдама жардам берет деп үмүттөнөбүз.

Бирок бир чындыкты так билебиз: сиздин – ата-энелердин, педагогдордун, бүткүл коомчулуктун – колдоосу болбосо, бул ишке ашпайт. Биз бул жолго чогуу барышыбыз керек. Ошондо гана реформа жандуу, иштей турган жана жемиштүү болот. Биздин балдарыбыздын келечеги бизден башталат – бул биздин катышуубуз, түшүнүүбүз жана ишенимибиз. Келгиле, биз сыймыктана турган билим берүүнү чогуу куралы

# КИРИШҮҮ

Ар бир ата-эне баласы акылдуу, өзүнө ишенген инсан болушун, татыктуу жумуш таап, жакшы жашоо курушун тилек кылат. Бирок бүгүнкү күндө биздин билим берүү системабыз балдарга бул максаттарга жетүүгө дайыма эле жардам бере бербейт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, Кыргызстандын көптөгөн окуучулары билимди практикада колдонгонду билишпейт. Алар үйрөнүшөт, бирок түшүнүшпөйт. Окушат, бирок окуганын түшүндүрүп бере алышпайт. Анткени бизди курчап турган дүйнө өзгөрүүдө. Ал балдардан билимди гана эмес, ой жүгүртүү, талдоо, маселе чечүү, командада иштөө, технологияларды колдонуу сыяктуу заманбап көндүмдөрдү талап кылат.

Бүткүл дүйнөдө окуучулар 12 жыл окушат – бул аларга предметтерди терең өздөштүрүүгө, жашоодо туура жол тандоого жана чоңдордун жоопкерчилигине даярданууга көбүрөөк убакыт берет. Ал эми Кыргызстанда мектепти 16 жашында аяктап жаткан көбүнчө балдардын айкын ой-максаты жок жана жогорку окуу жайга же жумушка даяр эмес. Чет өлкөгө тапшырган биздин бүтүрүүчүлөрүбүзгө дагы бир кошумча жыл окууга туура келет – анткени дээрлик бардык жерде 12 жылдык билим берүү иштейт.

Мунун баарын түшүнүп, мамлекет карап турган жок. 2024-жылы Кыргызстан 12 жылдык билим берүүгө өтүүнү баштады. Бул реформа «Алтын Казык» масштабдуу программасынын бир бөлүгү болуп калды, ал стандарттарды, окуу китептерин, программаларды, технологияларды жаңыртууга, ошондой эле заманбап мугалимдерди даярдоого жана жаңы мектептерди курууга багытталган.

Ооба, өзгөрүүлөр ар дайым чыңалууну жаратат. Ата-энелерде, мугалимдерде, жада калса окуучулардын өздөрүндө да көптөгөн суроолор пайда болот. Бул кадыресе көрүнүш. Дал ошондуктан 100 актуалдуу суроого жооп катары бул Маалымдама даярдалды. Ал сиз үчүн 12 жылдык билим берүү эмне үчүн маанилүү, пайдалуу жана туура экенин жөнөкөй жана жалпак тилде түшүндүрүү үчүн жазылды. 12 жылдык билим берүү жөнүндөгү эң маанилүү суроолорго так, түшүнүктүү жана чынчыл жооптор берилди. Эми сиз бул өзгөрүүлөргө чочулабай, ишенимдүү катыша аласыз.

Коомчулуктун колдоосу болбосо, эч кандай реформа ийгиликтүү

болбойт. Ошондуктан биз сиздерди бул жолду чогуу басууга чакырабыз. Билим берүү жөн гана мектеп эмес, бул биздин жалпы келечегибиз.

Биз бул материалдар реформанын маңызын түшүнүүгө, анын узак мөөнөттүү артыкчылыктарын жана натыйжаларын көрүүгө, күмөн ойлорду, терс пикирлерди жана мифтерди жокко чыгарууга жана эң негизгиси – бул жакшы өзгөрүүлөрдүн активдүү бөлүгү болууга жардам берет деп үмүттөнөбүз:

Ата-энелердин, мугалимдердин, коомдук-саясий ишмерлердин жана коомдук пикирдин лидерлеринин колдоосу болбосо, билим берүүдө эч кандай өзгөрүүлөр ишке ашпайт. Биз баарыбыз биргелешип гана – чоңдор да, балдар да, бүтүндөй өлкөбүз сыймыктана турган билим берүү системасын кура алабыз.

# I. 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ӨТҮҮНҮН ЖАЛПЫ МАСЕЛЕЛЕРИ

## 1. Эмне үчүн Кыргызстан 12 жылдык билим берүүгө өтүүдө? Негизги себептери?

Кыргызстанда 12 жылдык билим берүүгө өтүү – бул мода же жеке биреөнүн ой келди каалоосу эмес, азыркы замандын талабына жооп берген, балдардын ийгиликтүү болуусуна жол ачкан зарыл жана ойлонулган реформа. Бул чечимдин негизги себептери төмөнкүлөр:

**Эл аралык стандарттар**

• Дүйнөнүн көп өлкөлөрү 12 жылдык мектептик билим берүүгө эчак эле өтүшкөн. Бүгүнкү күндө кыргыз окуучулары башка өлкөлөрдөгү курбалдаштарына караганда азыраак убакыт окушат, бул болсо чет өлкөлүк ЖОЖдорго тапшырууда жана эл аралык эмгек базарында атаандашууга кыйынчылык жаратат.

• 12 жылдык мектеп – кыргыз билим берүүсүнүн эл аралык деңгээлде таанылышына жасалган кадам.

**Балдар кечирээк жетилет – аларга өнүгүү үчүн көбүрөөк убакыт керек**

• Азыркы балдар татаал жана тездик менен өзгөрүп жаткан дүйнөдө өсүп жатышат. Аларга терең түшүнүк менен окуу, ой жүгүртүү, баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, өзүн таануу жана чоң жашоого даярдык үчүн көбүрөөк убакыт керек.

• Көптөгөн бүтүрүүчүлөр 11-класстан кийин кесип тандоого же жогорку окуу жайга тапшырууга даяр эмес. 12-класс – шашпай, ойлонуп кесип тандоого кошумча убакыт.

**Жогорку класстарда профилдик окуу (10-12-класстар)**

• Мектептин акыркы үч жылында окуучулар өздөрүнө жаккан багытты тандай алышат: табигый-илимий, техникалык, гуманитардык ж.б.

• Бул керектүү предметтерди тереңдетип окууга, кесипке же ЖОЖдордун экзамендерине даярданууга мүмкүндүк берет.

**Билим берүүнүн мазмунун жаңылоо**

• 12 жылдык мектепке өтүү – окуу программаларын кайра карап чыгып, аларды кызыктуу, түшүнүктүү жана турмушта колдонууга ылайык кылып өзгөртүүгө мүмкүндүк берет.

• Көбүрөөк практика, предметтер аралык байланыштар, көндүмдөрдү өнүктүрүү – мисалы, сынчыл ой жүгүртүү, команда менен иштөө, көйгөйлөрдү чечүү.

**Теңчилик жана инклюзияны колдоо**

• Жаңы билим берүү модели ар бир бала үчүн – жашаган жерине, социалдык абалына же ден соолугунун өзгөчөлүгүнө карабастан – бирдей шарт түзөт.

• Ар бир баланын, анын ичинде өзгөчө муктаждыктары бар балдардын кызыкчылыктары эске алынат.

12 жылдык билим берүүгө көчүү – бул келечекти ойлогон чечим. Ал биздин балдарга келечекке даяр болууга жана азыркы дүйнөдө сапаттуу жашоого жардам берет.



## 2. 12 жылдык мектеп окуучуларга жана коомго кандай артыкчылыктарды берет?

**12 жылдык мектептин негизги артыкчылыктары:**

**Стандарттар жана окуу программалары жаңыланат – мектепте окуу кыйла кызыктуу жана пайдалуу болот**

Мектептерде заманбап жана жашоодо колдонууга ыңгайлуу программалар окутула баштайт. Балдар китептеги теория менен гана чектелбестен, көбүрөөк ой жүгүртүп, талкуулап, турмуштук маселелерди чечүүнү үйрөнүшөт. Окуу китептери жашоого жакыныраак болуп, билимди практикада колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

Жаңы технологиялар кирет – балдар санарип дүйнөгө даяр болот Класстарга акырындап заманбап технологиялар – планшет, электрондук күндөлүк, интерактивдүү такта ж.б. киргизилип жатат. Балдар санариптик куралдарды колдонууну үйрөнүшөт – бул аларга баары технологиялар менен тыгыз байланышкан дүйнөдө өз ордун табууга жардам берет. Окутуу процессиндеги негизги болгон проблемалык окутуу, долбоорлук окутуу технологиялары, кейс-технологиялар ж.б.

**Эрте кесиптик багыт – келечекте ким болорун бала эрте түшүнөт**

Жогорку класстарда окуучулар өздөрүнө жаккан багытты тандап окушат: табигый-техникалык, математикалык, техникалык, гуманитардык, чыгармачылык ж.б. Алар ар кандай кесипти сынап көрүп, чечим кабыл алууга жана келечекке план түзүүгө үйрөнүшөт.

**Улуттук баалуулуктарга негизделген тарбия – балдар өзүнүн ким экенин билишет**

Мектепте өлкөбүздүн маданияты, тарыхы, салт-санаасы жана тили тууралуу көбүрөөк айтылат. Балдар мамлекетти жана элин урматтаган, ак ниет, боорукер жана жоопкерчиликтүү, эмгекчил, адаптивдүү Кыргыз жараны болуп чоңоюшат.


Мектеп ар кандай иш-чараларга, баарлашууга шарт түзүп, лидерлик сапаттарды жана чыгармачылык жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Бул өз алдынча, гармониялуу инсан болуп чоңоюуга жана чоң жашоого даяр болууга өбөлгө түзөт.

## 3. Улуттук билим берүүнүн жаңы модели деген эмне?

Улуттук билим берүүнүн жаңы модели – бул мектептик билим берүүнү өзгөртүүгө багытталган комплекстүү ыкма. Максаты – билимдин сапатын жогорулатуу, жарандык активдүү позициясы бар жаштарды тарбиялоо жана заманбап коомдо жашоого жана эмгекке даярдоо. Бул модель балдардын, ата-энелердин, мугалимдердин кызыкчылыктары менен катар мамлекеттин жана коомдун керектөөсүн эске алуу менен иштелип чыккан.

**Таблица 1**

**Улуттук билим беруу моделинин негизги элементтери**




**Улуттук билим берүү модели төмөнкү негизги элементтерден турат:**

**12 жылдык билим берүүгө өтүү**

• Окуу процесси 12 жылга созулат: 6 жыл башталгыч жалпы билим берүү, 3 жыл – негизги орто, 3 жыл профилдик билим берүүгө негизделген орто жалпы билим берүү.

• Максат – балдарга тереңирээк билим алып, заманбап көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жана кесипке даярданууга көбүрөөк убакыт берүү.

**Билим берүүнүн мазмунун жаңылоо**

• Предметтик стандарттар, окуу программалары балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн жана заманбап талаптарды эске алуу менен кайра каралып чыкты.

• Жаңы ыкмалар киргизилди: практикада окутуу, сабактар аралык байланышты күчөтүү, логика жана сыяктуу ой жүгүртүүнү өнүктүрүү.

**Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга багыт алуу**

• Билим берүү процессине «Кыргыз жараны» жарандык иденттүүлүк, этностор аралык ынтымак, эне тилге, маданиятка жана салт-санаага урматтуу мамиле, климатты (тоолор жана суулардын эко-системасы), биоартүрдүүлүктү сактоо идеялары каралган тарбия киргизилди.

• Билим берүүнүн секулярдык мүнөзү сакталат.

**Тарбия билим берүүнүн маанилүү бөлүгү катары**

• Билим берүү гана эмес, инсанды калыптандыруу: ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик, урмат-сый, мекенге болгон сүйүү.

• Тарбия берүү «Алтын Казык» программасынын улуттук багыттарына негизделип иштелип чыккан.

**Кесиптик багыт берүү жана ийкемдүү билим берүү**

• Жогорку класстарда (10-12) окуучулар каалаган билим берүү багытын тандап окушат (гуманитардык, техникалык, педагогикалык ж.б.).

• Кесипке же ЖОЖго даярданууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Жеткиликтүүлүк жана инклюзивдүүлүк**

• Окуу процесси бардык балдардын, анын ичинде өзгөчө билим берүү муктаждыгы бар балдардын талабына ылайыкташтырылат.

• Ар бир балага жекече мамиле кылууга мектептер көбүрөөк мүмкүнчүлүк алышат.

**Заманбап технологиялар жана санариптештирүү**

• Окуу процессине жана мектепти башкарууга санариптик технологиялар кеңири киргизилет.

• Электрондук күндөлүк, аралыктан окутуу платформалары, мультимедиялык окуу китептери.

**Мугалимди колдоо жана өнүктүрүү**

• Мугалимдер жаңы программалар боюнча квалификациясын жогорулатышат.

• Кесиптик өсүүгө шарт түзүлөт, бюрократиялык жүктөм азаят.

**Ата-энелердин катышуусу жана ачыктык**

• Ата-энелер мектептин жашоосуна көбүрөөк аралашат.

• Электрондук системалар, ата-энелер жыйыны, кеңеш берүү аркылуу мектеп ачык жана отчеттуу болот.

**Улуттук билим берүүнүн жаңы модели – бул өлкөнүн келечегине болгон инвестиция.** Максаты – Кыргызстандагы ар бир баланын сапаттуу билим алып, өзүнүн улуттук нарк-дөөлөтүн сактап, жашоодо ийгиликтүү болушуна шарт түзүү.

Кыргыз Республикасынын 12 жылдык билим берүүгө өтүүсү – бул дүйнөнүн алдыңкы өлкөлөрүнүн тажрыйбасын, улуттук баалуулуктарды, кызыкчылыктарды жана өлкөнүн өзгөчөлүктөрүн, стратегиялык максаттарын эске алуу менен иштелип чыккан улуттук билим берүү модели. Бул модель окуучуларды дүйнөлүк деңгээлдеги билим жана көндүмдөр менен камсыз кылууга, алардын мүмкүнчүлүктөрүн толук ачууга жана өзгөрүп жаткан дүйнөдө атаандаштыкка жөндөмдүү кылууга багытталган.

## 4. “Алтын Казык” программасынын негизги багыттары кайсылар?

«Алтын Казык» программасы – бул Кыргыз Республикасында билим берүү системасын реформалоого, жаңыртууга жана заманбап, натыйжалуу билим берүү системасын түзүүгө багытталган масштабдуу улуттук долбоор. 12 жылдык мектепке өтүү – программанын маанилүү бөлүгү.

**«Алтын Казык» программасынын негизги багыттары:**

• **Мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүү:**

• Максат – мектепке чейинки билим берүү менен камтууну 40% чейин жогорулатуу. Бул максатка жетүү үчүн бала бакчалардын курулушу, кыска мөөнөттүү бакчаларды ачуу, ваучер системасын киргизүү, үй-бүлөлүк типтеги бакчалар, уктоочу бөлмөлөрдү окутуу мейкиндигине айландыруу сыяктуу чаралар көрүлөт.

• **Мектеп билим берүүсүн трансформациялоо:**

• 12 жылдык билим берүү форматына өтүү – бул билим берүү парадигмасынын жана стандарттарынын жаңыланышы. STEM эл аралык стандарттарына негизделген жаңы окуу китептер, мугалимдерди колдоонун жаңы формалары, жасалма интеллекттин мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонуу каралган. Ошондой эле жаңы мектептерди куруу, бар болгон мектептерди кеңейтүү жана бекемдөө иштери жүрөт.

• **Баштапкы жана орто кесиптик билимди бекемдөө:**

• Дуалдык окутууну, кредиттик технологияларды жайылтуу, көзкарандысыз сертификация жана билимди тастыктоо (валидация), алдыңкы тажрыйба борборлорун өнүктүрүү жана бүтүрүүчүлөрдүн ишкердик демилгелерин колдоо пландалууда.

• **Жогорку билим берүүнү трансформациялоо:**

• Жаңы муундагы университеттерди (4.0) түзүү, эл аралык рейтингдерге интеграциялоо, илимий базаны, изилдөө лабораторияларын жана стартаптарды өнүктүрүү каралган.

## 5. 12 жылдык мектеп алкагында билим сапатын жогорулатуу кантип ишке ашат?

12 жылдык билим берүүгө өтүүнүн алкагында мектеп билим берүүсүнүн түзүмү гана эмес, анын мазмуну да заманбап талаптарга ылайык жаңыртылууда.

Негизги компетенциялар заман талабына жараша иштелип чыгып, 21-кылымдын көндүмдөрүн, функционалдык сабаттуулукту, санариптик көндүмдөрдү, турмуштук жумшак көндүмдөрдү жана жашыл көндүмдөрдү камтыйт.

10–12-класстарда профилдик билим берүү каралган. Бул – жогорку класстарда сабактар окуучулардын жөндөмүнө, кызыгуусуна жана келечектеги кесибине жараша окутулат дегенди билдирет.

Учурда Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде предметтик стандарттар иштелип чыкты, жаңы окуу программалары жана окуу китептери иштелүүдө. Булардын негизги максаты – мектеп билим берүүсүнүн мазмунун сапаттуу өзгөртүү.

Жаңы билим берүү стандарттары, заманбап окуу программалары, дүйнөлүк стандарттарга шайкеш келген заманбап окуу китептери, илим, технология, инженерия жана математика (STEM) жаатындагы сабактарга өзгөчө көңүл буруу – негизги багыттардын бири болуп саналат.

PISA жана TIMSS изилдөөлөрүндө жогорку баа алган STEM окуу китептери улуттук контекстке ылайыкташтырылып, кыргыз тилинде басылып чыгат.

Ушул өзгөрүүлөрдүн алкагында мугалимдер, биринчи кезекте STEM программаларынын негизинде, практикага багытталган окутуу технологияларын өздөштүрүшөт. Бул технологиялар

билим берүү системасы ийгиликтүү өнүккөн өлкөлөрдө кеңири колдонулат.

Бардык класстар үчүн математика, жаратылыш таануу, физика, химия, биология жана англис тили сабактары боюнча окуу материалдары толугу менен жаңыртылууда.

## 6. Жаңы моделде инклюзивдик билим берүү кандай жүргүзүлөт?

Инклюзивдик билим берүү – бул бардык балдарды, алардын өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөргө карабай бирге окутуу.

**Кыргызстандын жаңы билим берүү моделинде каралган:**

**Ар бир балага – мүмкүнчүлүгүнө жараша мамиле кылуу.**

Мугалимдер ар түрдүү деңгээлдеги балдар менен иштөө үчүн атайын даярдыктан өтүшөт. Эгер балага көбүрөөк убакыт же өзгөчө мамиле талап кылынса – ал берилет.

**Мектептер ыңгайлуу жана жеткиликтүү болот.**

Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн мектептерде пандустар, атайын даараткана, атайын класстар жана жабдуулар түзүлөт.

**Ата-эне – команданын мүчөсү.**

Мугалимдер, ата-энелер жана адистер биргеликте иштеп, баланын билим алып, өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзүшөт.

**Инклюзивдик билим берүү** – бул ошондой эле мигрант балдарды, социалдык жактан аялуу катмардагы балдарды, таланттуу балдарды, ошондой эле окууда кыйналган окуучуларды дагы колдоо болуп саналат.

Бардык окуучу категорияларынын муктаждыктарын эске алган эксперименттик билим берүү стандарттары, окуу пландары жана программалар иштелип чыгууда.

## 7. 12 жылдык мектеп модели киргенде балдар мектепке канча жаштан барып окуйт, канча жашында мектепти бүтөт?

Кыргызстан үчүн көптөн бери жүргүзүлгөн талкуулардан кийин мектептин 6+3+3 модели тандалды.

**Ага ылайык:**

- Баштапкы билим берүү – 1-6-класстар (6-11 жаш)
- Негизги жалпы билим берүү – 7-9-класстар (12-14 жаш)
- Орто жалпы билим берүү – 10-12-класстар (15-17 жаш)

**12 жылдык билим берүү түзүмүндө нөлүнчү класс – биринчи класстын ордун ээлейт жана балдар мектепке 6 жаштан баштап барышат.**

Бул тандоо эң оболу башталгыч билимдин сапатын жакшыртуу зарылчылыгы менен шартталган. Анткени бул деңгээл социалдык көндүмдөрдүн, функционалдык сабаттуулуктун жана кийинки билимдин пайдубалы болуп эсептелет. Ошондой эле, ар түрдүү даярдык менен келген балдардын мүмкүнчүлүктөрүн теңдештирүүгө жардам берет.

Балдарды алты жаштан мектепке кабыл алуу балдар бакчаларынын жетишсиздик көйгөйүн бир аз жеңилдетет жана 4-5 жаштагы балдардын мектепке чейинки билим менен камтылышын кеңейтүүгө шарт түзөт. Бул алардын акыл-эсин, социалдык көндүмдөрүн жана чыгармачылыгын эрте өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

**12 жылдык мектепте окутуу 2025-2026-окуу жылында башталат.**

- 2019-жылы туулган 6 жаштагы балдар – 12-жылдык мектептин 1-классына барышат.
- 2018-жылы туулган 7 жаштагы балдар жана мектепке чейинки «Наристе» билим берүү программасын аяктаган балдар дароо 2-класска өтүшөт.

**11 ЖАНА 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ МОДЕЛИ**

| ПАРАМЕТРЛЕРИ | 11 ЖЫЛДЫК МОДЕЛЬ | 12 ЖЫЛДЫК МОДЕЛЬ |
|---|---|---|
| Окууну баштоо курагы | 7 жаш | 6 жаш |
| Окууну аяктоо курагы | 17 жаш | 17 жаш |
| Жүктөм | Жогору | Тең салмактуу |
| Жекече өнүгүүгө убакыт | Чектелген | Спортко, ийримдерге, чыгармачылыкка көбүрөөк убакыт |

## 8. Баланы алты жаштан мектепте окутуу эрте эмеспи?

Кыргызстанда балдарды алты жаштан окутууну баштоо жакшы ойлонулган, илимий далилдерге жана эл аралык тажрыйбага негизделген. Мунун бир нече негизи бар:

- **Бала мээсинин активдүүлүгү жаш куракта өтө жогору болот.** Физиологиялык жактан алып караганда, баланын мээси жашоонун алгачкы жылдарында укмуш ылдамдыкта өнүгөт. Беш жашка чыкканда мээнин салмагы чоң кишинин мээсинин 90% жетет. Дал ушул убакта келечектеги ийгиликтүү окууга негиз боло турган нейрондук байланыштар калыптанат.
- **Беш жашка чейинки мезгил** – "мүмкүнчүлүктөр терезеси" деп аталат. Бул учурда бала дүйнөнү таанып-билүүдө, ой жүгүртүүсүн жана социалдык-эмоционалдык жөндөмдөрүн активдүү өнүктүрөт.
- **Алты жаштагы балдардын акылы тунук жана кызыгуусу жогору болот.** Алар мектепти жаңы ажайып жер катары кабыл алышат, өздөрүн чоң адамдардай сезгилери келет жана өз алдынча болууну каалашат.
- **Дүйнөлүк тажрыйба жана илимий изилдөөлөр** (психолог Л.С. Выготский жана жапон ойлоп табуучу Масару Ибуки) көрсөткөндөй, 5–6 жаштагы балдарды окууга үйрөтүү 7–8 жаштагы балдарга караганда жеңилирээк. Масару Ибукинин теориясы баланын 3 жашка чейинки өнүгүүсүнүн маанисин баса белгилейт.
- **Алты жаштагы балдар үчүн окуу программасы атайын адаптацияланат.** Биринчи класс – бул адаптация мезгили болуп, сабактар оюн түрүндө өтөт. Негизги көңүл жеке сапаттарды, функционалдык сабаттуулукту жана баарлашуу жөндөмүн өнүктүрүүгө бурулат. Бул баланын мектепке көнүүсүндө стрессти азайтууга жардам берет.
- **Башталгыч класстын мугалими бала бакчанын тарбиячысы катары да компетенциялуу болот.** Ал баланын табиятын түшүнүп, боорукер мамиле жасап, достук чөйрөнү түзө алат. Алты жаштагы балдар менен иштеген мугалимдердин даярдыгы – бул реформанын маанилүү багыты.

## 9. Шаарларда балдар мектепке батпай калган маселе курч, бардык окуучуларга орун жетеби?

Статистика боюнча 10 жылдын ичинде мектептеги балдардын саны дээрлик 500 миңге көбөйдү. Ага кошумча миграциянын натыйжасында учурда шаар жериндеги мектептерде балдардын саны нормадан көп.

Бүгүнкү күндө айрыкча шаардык мектептерде ашыкча жүктөм бар: класстар шыкалган, балдар эки, кээде үч смен менен окушат. Бул жаңы маселе эмес, бирок 12 жылдыкка өтүү процессинде бул көйгөй кашкайып көрүнүүдө. Ошондуктан бул мамлекеттин өзгөчө көзөмөлүндө турат. Жаңы билим берүү системасын киргизүү мектептерди жана кошумча корпустарды курууну талап кылат.


Азыркы учурда жаңы мектептерди куруу, иштеп жаткан мектептерди кеңейтүү жана оңдоо менен катар альтернативдүү ыкмаларды киргизүү каралууда. Мисалы, мектептер курулуп бүткөнгө чейин 1-класстын балдарын убактылуу бала бакчаларга жайгаштыруу.

Ошол эле убакта соңку жылдары курулуп жаткан мектептердин, билим берүү мекемелеринин саны да кескин өстү. 2024-жылы жалпы 136 объект, анын ичинде 77 мектеп жана 59 бала бакчасы курулуп ишке берилди. 2025-жылдын жарым жылынын жыйынтыгы менен жети мектептин жана төрт бала бакчасынын курулуш иштери бүткөрүлдү.

Шаарда аз сандагы балдар окуган мектептер менен ири мектептер оптималдаштырылууда. Учурдагы ички миграцияны эске алуу менен Чүй областына 46 мектеп, анын ичинен Бишкектин тегерегиндеги айылдарга мектеп куруу боюнча титулдук тизме кабыл алынды. Республика боюнча 200 тегерегиндеги мектептердин жаңы имараты курулат.

Бишкекте мектептер чындап эле жетишсиз – анткени азыр Кыргызстандын бардык аймактарынан борборго агылып жатат. Бул көйгөйдү чечүү үчүн Президент кошумча корпустарды жана ири мектептерди куруу демилгесин колдоп, баш калаага 50 миллион доллар каражат бөлдү.

**Таблица 2.**




## 10. 12 жылдык мектеп моделине өтүүгө Кыргызстан жетиштүү деңгээлде даярбы?

**12 жылдык мектепке өтүү – жөн гана реформа эмес, зарылдык**

Бүгүнкү күндө дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрү 12 жылдык мектептик билим берүү системасына өтүп бүтүшкөн. Бул – балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, кесиптик даярдыкка жана жогорку окуу жайларына кабыл алуунун талаптарына жооп берген эл аралык стандарт.

**Эгерде Кыргызстан азыр бул багыт менен кетпесе, анда төмөнкү коркунучтарга дуушар болобуз:**

- Региондогу өлкөлөрдөн билим сапаты боюнча артта калуу;
- Биздин дипломдордун чет өлкөлөрдө таанылышы татаалдашат;
- Жаңы муунду эмгек рыногунун заманбап талаптарына ылайык даярдай албай калуу.

**Бул реформа акырындык менен ишке ашырылып жатат жана аны ишке ашырууда кыйынчылыктарды азайтууга багытталган чаралар көрүлүүдө:**

- Агартуу министрлиги заманбап талаптарга жооп берген жаңы мамлекеттик билим берүү стандартын иштеп чыкты;
- Балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн, заманбап окутуу ыкмаларын, практика багытындагы жана сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн эске алган жаңы предметтик стандарттар, программалар даярдалууда;
- Мугалимдер билимин жогорулатып, заманбап окутуу ыкмаларын, санариптик инструменттерди жана психологиялык ыкмаларды өздөштүрүп жатышат;
- Электрондук ресурстар: күндөлүктөр, билим берүү платформалары, онлайн-курстар түзүлүүдө.

**Чече турган маселелер бар – мисалы, шаардагы мектептерде орун тартыштыгы. Мамлекет бул багытта да иш алып барууда:**

- Жаңы мектептер курулууда жана бар болгон мектептер кеңейтилүүдө;
- Класстар жана жабдуулар жаңыртылууда;
- Мектептерди интернет жана техникалык каражаттар менен камсыздоо боюнча иштер жүрүп жатат.

**Бүгүнкү алты жаштагы балдар – бул келечектеги экономика, илим жана коом.**

Эгерде биз аларды жаңыланган стандарттар жана программалар менен азыртан баштап окутпасак, анда алар тез өзгөрүп жаткан дүйнөдө жашоо жана иштөө үчүн жетиштүү деңгээлде даяр болбой калышат.

**Эмнеге кечиктирүүгө болбойт?**

- Эрте баштасак – жаңы системанын биринчи бүтүрүүчүлөрүн эртерээк алабыз;
- Бул 12 жылдык системаны реалдуу шарттарга тезирээк ыңгайлаштырууга мүмкүндүк берет;
- Кечеңдетүү – айыл жана шаар мектептеринин, ошондой эле Кыргызстан менен башка өлкөлөрдүн ортосундагы айырмачылыкты ого бетер күчөтөт.

**12 жылдык билим берүү моделине этап-этап менен өтүү төмөнкү таблицага ылайык жүргүзүлөт:**

**Таблица 3.**

| Окуучунун төрөлгөн жылы | Окуу жылы | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2024/2025 | 2025/2026 | 2026/2027 | 2027/2028 | 2028/2029 | 2029/2030 | 2030/2031 | 2031/2032 | 2032/2033 | 2033/2034 | 2034/2035 | 2035/2036 | 2036/2037 |
| | Класстар | | | | | | | | | | | | |
| **2019** | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| **2018** | 0 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | |
| **2 017** | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | |
| **2016** | 2 | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | | |
| **2015** | 3 | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | | | |
| **2014** | 4 | 5 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | | | | | |
| **2013** | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | | | |
| **2012** | 6 | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | | | | |
| **2011** | 7 | 8 | 9 | 11 | 12 | | | | | | | | |
| **2010** | 8 | 9 | 10 | 11 | | | | | | | | | |
| **2009** | 9 | 10 | 11 | | | | | | | | | | |
| **2008** | 10 | 11 | | | | | | | | | | | |

11 жылдык стандарт

12 жылдык стандарт

Интеграцияланган программалар

**Эскертүү:**

- 2028/2029-окуу жылы – 9-класстын окуучуларынын кош бүтүрүүсү;
- 2028/2029-окуу жылы – 12 жылдык мектепти аяктагандыгы жөнүндө аттестаттардын тапшырылышынын башталышы;
- 2036/2037-окуу жылы – 12 жылдык программанын толук циклы өтүлгөн биринчи чыгарылыш.

## 11. Жаңы моделди ишке ашырууга мамлекет канча каражат карады?

Билим берүүдөгү трансформацияга керектүү болгон 25,8 млрд сом көлөмүндөгү каржылоо республикалык бюджеттин гана эсебинен жүзөгө ашырылууда. Сырттан эч кандай акча алынган жок. Бул каражаттар инфраструктураны модернизациялоого, окуу программаларын жана окуу

китептерин жаңылоого, педагогдордун квалификациясын жогорулатууга жана мектептерди заманбап лабораториялар менен жабдууга жумшалууда. Мисалы, окуу китептери үчүн эле быйыл 744 млн сом бөлүнсө, инфраструктура үчүн 50 миллион доллар каралды.

### 12. Эмне үчүн гимназиялар менен лицейлердин статусу жоюлду? Бул билим берүүнүн сапатына терс таасир тийгизбейби?

**Гимназия менен лицейлердин статусун жоюу – бул билим берүү реформасынын бир бөлүгү.**

Бул кадамдын максаты – балдар жашаган жери же окуган мектебине (шаардыкпы же айылдыкпы, жөнөкөйбү же мурдагы гимназиябы) карабай, бардыгы теңчилик шартта окуганга мүмкүнчүлүк алышы керек деген принципке негизделет.

**Эми:**

- Кыргызстандагы бардык мектептердин статусу бирдей болот – бардыгы жалпы билим берүүчү мектеп деп аталат;
- Бирок ар бир мектептин өзүнүн ичинде ар кандай предметтерди тереңдетип окутууга мүмкүнчүлүк көбөйөт, өзгөчө жогорку класстарда;
- Ар бир мектеп жаңыланган стандарттарга жана окуучулардын кызыгуусуна жараша өзүнүн билим берүү моделин өнүктүрө алат.

**Эмне үчүн бул туура чечим?**

**Бардык балдар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөр**

- Реформа «кадыр-барктуу» жана «жөнөкөй» мектептерге болгон бөлүнүүнү жокко чыгарат;
- Эми ар бир бала жашаган жери кайда болбосун сапаттуу билим алууга тийиш.

**Кеп атында эмес, сапатында**

Окуучунун жетишкендигине мектептин аталышы эмес, окутуунун сапаты, мотивациясы жана үй-бүлөнүн колдоосу таасир берет;

Бардык мектептер жаңыланган программалар менен иштейт жана атайын даярдыктан өткөн мугалимдер менен камсыз болот.

**Мектептин статусуна эмес, жыйынтыктарына көңүл бурулат**


12 жылдык билим берүү системасына жана профилдик окутууга (10-12-класстарда) өтүү менен ар бир окуучу өзүнө керектүү сабактарды терең өздөштүрө алат – гуманитардык, математикалык же техникалык багытта;

Бирдиктүү билим берүү стандарттары, баалоо критерийлери, экзамендер жана профилдик багыттар киргизилет.

Гимназиялар менен лицейлердин статусун жоюу – бул ар бир бала үчүн адилеттүү жана сапаттуу билим берүүнү көздөгөн кадам.

Эми эң башкысы – мектептин аты эмес, анын мазмуну, окутуу ыкмалары жана үй-бүлөнүн билим берүүгө катышуусу маанилүү болот.

### 13. Билим берүүнүн жаңы моделинде тарбиялык компоненттин ролу кандай жана анда улуттук баалуулуктар менен «Кыргыз жараны» жарандык иденттүүлүгү кантип калыптандырылат?



Кыргыз Республикасындагы жаңы билим берүү моделинде балдардын тарбиясына фундаменталдуу маани берилген. Азыр жүргүзүлүп жаткан 12 жылдык билим берүүгө өтүү иштери балдардын жашоо көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, улуттук баалуулуктарды сактоого жана жайылтууга багытталган.

Жалпы билим берүүнүн негизги компетенциялар алкагында адамдык баалуулуктар алгач ирет билим берүү жана тарбия процессинин өзөгү катары каралып жатат.

Жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына «Кыргыз жаранын калыптандыруу жана өнүктүрүү» деген жаңы бөлүм киргизилди. Бул бөлүм тарбиялык жана социалдык-маданий потенциалды бекемдөөгө багытталган. Анын максаты – жарандык патриотизмди, жалпы жарандык аң-сезимди, өз коопсуздугуна, үй-бүлөсүнө, коомго жана мамлекетке болгон жоопкерчиликти калыптандыруу.

Мындан тышкары, ал улуттук адеп-ахлактык негиздерге таянган адилеттүүлүк, жоопкерчилик, боорукердик сыяктуу сапаттарды өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

Жаңы билим берүү модели улуттук баалуулуктарга негизделген жана ал Кыргыз Республикасынын «Улуттук дух – дүйнөлүк бийиктик» доктринасынын максаттарына, ошондой эле «Кыргыз жараны» жарандык иденттүүлүк концепциясына толук шайкеш келет.

Мектептерде билим берүү жана тарбиялоо процессинде улуттук баалуулуктарга артыкчылык берилип, алар заманбап тажрыйба менен байытылат.

## 14. Мектепте профилдик окутуунун артыкчылыктары эмнеде?

**Практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү:** Жумушчу кесиптерге үйрөтүү практикалык даярдыкты чыңдайт. Бул окуучуларга теориялык билимди практикада колдонууга жана келечектеги кесипке керектүү көндүмдөрдү өздөштүрүүгө жардам берет.

**Келечек кесипти тандоо:** Профилдик окутуу окуучуларга өз кызыгуусу жана жөндөмдүүлүгүнө ылайык багыттарды тандоого мүмкүнчүлүк берет. Бул келечектеги кесипти аң-сезимдүү тандоого шарт түзөт.

**Жаштар арасындагы жумушсуздукту азайтуу:** Түрдүү тармактар боюнча квалификациялуу адистерди даярдоо жаштар арасындагы жумушсуздуктун деңгээлин төмөндөтүүгө жардам берет, антке-

ни бүтүрүүчүлөр эмгек рыногунда талап кылынган көндүмдөргө ээ болушат.

**Экономикалык өсүшкө өбөлгө:** Жумушчу кесиптерге үйрөтүү экономиканын негизги тармактарынын өнүгүшүнө салым кошот. Бул өз кезегинде экономикалык өсүшкө жана өлкөдөгү жашоо сапатынын жогорулашына алып келет.

**Билим берүү системасын өнүктүрүү боюнча демилгени колдоо:** Профилдик окутууну киргизүү – Кыргызстандагы билим берүү системасын модернизациялоо боюнча жалпы стратегиянын бир бөлүгү болуп саналат. Анын максаты – билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана заманбап стандарттарга шайкеш келтирүү.

Профилдик окутуу Кыргызстандын мектептеринде жаштарды келечектеги кесиптик жашоого даярдоодо маанилүү ролду ойнойт жана коомдун өнүгүшүнө жалпы түрдө салым кошот.

## 15. Бүтүрүүчүлөр окуган кесиби боюнча атайын мамлекеттик үлгүдөгү документ алышабы?

Азыркы учурда башталгыч кесиптик билим берүү системасынын окуу жайларында профилдик окутууну киргизүүнү даярдоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Орто мектептердин жогорку класстарынын окуучуларын профилдик окутуу үчүн сунуш кылынган 76 квалификациядан турган кесиптердин тизмеси түзүлдү. Профилдик окутууну аяктагандан кийин орто мектептердин жогорку класстарынын окуучуларына тиешелүү кесиптик квалификация ыйгарылат жана мамлекеттик үлгүдөгү сертификат берилет.

## 16. Профилдик окутууда кандай кесиптер сунушталат?

Азыркы учурда мектеп окуучулары үчүн профилдик окууга 70тен ашуун кесип сунушталат: Имараттарды жасалгалоо боюнча устат; кургак курулуш боюнча устат; слесарь- сантехник; маалыматтык технологиялар коопсуздугу боюнча адис; маалымат базалары боюнча адис; графикалык дизайнер; автотранспорт каражаттарын ондоо боюнча слесарь; кийим кесүүчү; тигүү жабдууларынын оператору; тикмечи; кестечи (вышивальщица); басма жабдууларынын оператору; китеп чогултуу боюнча адис (переплетчик); ашпозчу-кондитер; тез даярдалуучу тамак тармагынын кызматкери; официант-бармен; нан жана камыр азыктарын даярдоочу; туристтик маршруттардын коштоочусу; айыл чарба өндүрүшү боюнча ус-

тат (фермер); мал чарбачылыгы боюнча устат (фермер); токой чарбачылыгы боюнча устат; визажист; компьютер жана кеңсе техникасын оңдоо жана тейлөө боюнча устат; мобилдик телефон, смартфон жана планшетти оңдоо жана тейлөө боюнча устат; бакча-парк жана ландшафт курулушу боюнча устат; мобилдик телефон, смартфон жана планшетти оңдоо жана тейлөө боюнча устат; чачтарач жана тырмак сервиси боюнча устат ж.б..

## 17. Мектептерде жогорку класстарда профилдик окутуу киргенде кесиптик лицейлердин орду кандай болот?

"Алтын Казык" программасынын негизги максаты – кыргызстандык улан-кыздардын дүйнөлүк деңгээлдеги билимге жана көндүмдөргө ээ болуп, өздөрүнүн потенциалын толук өнүктүрө алышы. Негизги милдет дүйнөлүк рынокто атаандаштыкка жөндөмдүү болушу керек. Бул программаны ишке ашыруу үчүн кесиптик лицейлер 10-11-12-класстардын окуучулары үчүн окуу өндүрүштүк комплекс катары кызмат кылат.

Профилдик билим берүүнү киргизүү пландаштырылып жаткан 12 жылдык окутууга өтүү шарттарында башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын туруктуулугу жана сакталышы өтө маанилүү. Анткени кесиптик лицейлерде бүтүрүүчүлөргө аттестат менен бирге жумушчу кесиптер боюнча квалификацияга ээ болууга мүмкүнчүлүк бере турган профилдик окутуу уюштурулат.

Профилдик окутуу окуучуларга заманбап жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына ылайык жумушчу кесип жана жөндөмдөрдү алууга мүмкүнчүлүк берет. Бул алардын жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн арттырат.

## 18. Жалпы республикалык тестирлөөдө өзгөрүүлөр болобу? ЖОЖдорго кабыл алуу үчүн босого балл жогорулайбы?

Быйылкы жылы Жалпы республикалык тестирлөөдө эч кандай өзгөрүү болбойт. Бүтүрүүчүлөр тестти мурдагы тартипте тапшырышат. Болгону, педагогикалык адистиктер боюнча гана жогорку окуу жайларына өтүүнүн босого баллы жогорулады. Калган бардык адистиктер үчүн босого балл өткөн жылдагыдай эле бойдон калды.

Бул билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана мектептерди жогорку билимдүү кадрлар менен камсыз кылуу үчүн керек.

Педагогикалык адистиктер үчүн босого балл биринчи жолу 2024-жылы 115тен 120га көтөрүлгөн.

# II 12 ЖЫЛДЫК МЕКТЕПКЕ ӨТКӨНДӨ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАЗМУНУНДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

## 19. Мектептик билим берүүнүн мазмунунда кандай өзгөрүүлөр бар?

Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты иштелип чыгып, Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы №131 Токтому менен бектилди. Анын негизинде предметтик стандарттар жана окуу программалары кайра каралууда. Ошондой эле жаңы муундагы окуу китептери иштелип чыгууда. Эскирген темалардан жана актуалдуу болбой калган маалыматтардан арылтуу максатында предметтердин мазмуну да кайра каралууда. Кыргыз билим берүү академиясы ар бир предметтин фундаменталдык өзөгүн сактоо принциби менен бардык предметтик стандарттарга өзгөрүүлөрдү акырындык менен киргизет.

Реформанын негизги милдеттери: дүйнөлүк билим берүү стандарттарына (илимге, технологияга, инженерияга, математикага өзгөчө басым коюу менен) жооп берген жаңы билим берүү стандарттарын, заманбап билим берүү программаларын жана заманбап окуу китептерин түзүү; PISA жана TIMSS изилдөөлөрүндө алдыңкы орунду алган өлкөлөрдөн алынган STEM окуу китептерин улуттук контекстке ылайыкташтырып басып чыгаруу.

## 20. 12 жылдык мектепте окутууга жараша башталгыч, орто кесиптик жана жогорку окуу жайларда окутуу мазмунунда кандай өзгөрүүлөр болот?

Бүгүнкү күндө жогорку жана орто окуу жайлардагы кесиптерге, ошондой эле педагогика стандарттарына ылайык адистерди даярдоо боюнча атайын жумушчу топ түзүлүп, иштеп жатат. 12 жылга дүйнөлүк деңгээлдеги ийгиликтүү программа менен баратканда, жогорку окуу жайларда реформанын экинчи этабында өзгөрүүлөр киргизилет. Ал эми кесиптик-техникалык окуу жайлар толугу менен ушул 12 жылдык кесиптик билим берүүнүн өзөктүк компонентине айланат.

ЖОЖдордогу педагогикалык билим берүүнү реформалоодо мугалимдерди даярдоо системасы 12 жылдык билим берүүнүн талаптарына шайкеш келиши зарыл. Бүгүнкү күндө педагогикалык адистиктер боюнча

окуу программалары жаңыланып, заманбап билим берүү технологияларын өздөштүрүү боюнча курстар иштелип чыгууда. Бирок бул жетишсиз. Ал үчүн педагогикалык институттардын, факультеттердин окуу пландарын кайра карап чыгуу, заманбап мугалимге керектүү көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган сабактарды көбөйтүү керек. XXI кылымдын мугалими жөн гана билим берүүчү эмес, билимди башкаруучу жана жетектөөчү болушу керек. Андыктан мугалимдерге лидерлик, тайм-менеджмент, чыгармачылык ой жүгүртүү сыяктуу заманбап көндүмдөрдү калыптандыруу зарыл.

### 21. Мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик жаңы стандартында кандай жаңы өзгөртүүлөр бар?

Мектепке чейинки билим берүү стандартынын максаты – мектепке чейинки билим берүүгө бирдей сапаттуу жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу; жашоону коргоо жана ден соолукту чыңдоо, балдардын жекече муктаждыктарын жана курактык өзгөчөлүктөрүн, социалдык ыңгайлашуусун жана мектепте окууга психологиялык даярдыгын эске алуу менен өнүктүрүү.

Мектепке чейинки стандартты түзүүнүн алдында министрлик тарабынан мазмуну боюнча жөнөкөй тарбиячыга, ата-энеге ж.б. бардык адамдар үчүн түшүнүктүү болсун жана көлөмү жактан кыскартылсын деген тапшырма эске алынды.

Эң негизгиси мектепке чейинки билим берүү философиясы – жашоону өз алдынча жана жоопкерчиликтүү тандоого, чыгармачылык менен өзүн көрсөтүүгө, коомдо натыйжалуу өз ара аракеттенүүгө жана өлкөнүн турмушуна активдүү катышууга жөндөмдүү инсанды калыптандырууга багытталган. Мамлекеттик стандарт зарылчылыкка жараша кайра каралат, толукталат жана актуалдаштырылат.

### 22. Жаңы моделге көчкөндө мектеп программасында кайсы предметтер интеграцияланат?

Жаңы предметтерди киргизүү жана учурдагы предметтерди өзгөртүү же интеграциялоо үчүн мугалимдерди даярдоо жана керектүү окуу материалдары менен камсыз кылуу керек. Окуу планына конкреттүү өзгөртүүлөр Кыргыз билим берүү академиясынын расмий корутундусунан кийин Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан коомдун керектөөлөрүн талдоонун негизинде кабыл алынат.

## 23. Эгер 5-класстар жаңы программа боюнча окуса, кандай өзгөрүүлөр болот?

5-класста «5+6» деп аталган жаңы интеграцияланган программа колдонулат. Бул программага ылайык, окуучулар 5-класстын жана 6-класстын окуу материалын бир эле учурда өздөштүрүшөт. Мындай ыкма жаңы деңгээлге өтүүнү жеңилдетет.

Мурда 5-класста өтүлгөн көптөгөн темалар 6-класста да кайталанып, бирок кеңири жана тереңирээк берилчү. Эми бул программалар бириктирилгенде ошол темалар сакталып калат, болгону алар кайталанбай, ырааттуу жана мазмундуу берилет.

Окуу китептерин жаңылоо 5- жана 7-класстарда этап-этабы менен жүрөт. 2025-2026-окуу жылында математика, англис тили жана жаратылыш таануу, орус тили жана окуу, орус тили жана орус адабияты сабактары боюнча жаңы окуу китептерин чыгаруу пландаштырылууда. Андан кийин – тарых, география жана Базистик окуу планынын башка предметтери жаңыланат.

## 24. 12 жылдык билим берүүдө мектепте окутула турган сабактардын көлөмү да өзгөрөбү? Кээ бир сабактар кыскарып же жоюлуп кетепейби?

Предметти толук алып салуу болбойт. Жаңы предметтер үчүн убакыт бөлүп берүү же башка предметтерди тереңирээк окутуу үчүн сааттар минималдуу кыскарышы мүмкүн. Окутулуп жаткан предметтердеги эскирген жана актуалдуу эмес маалыматтарды алып салуу максатында мазмуну кайра каралып чыгат. Бул өзгөрүүлөр бардык предметтер боюнча дароо эмес, акырындык менен болушу мүмкүн экенин белгилей кетүү керек. Кээ бир көрүнүштөр менен процесстерди системдүү кабыл алып окутуу үчүн айрым предметтерди интеграциялоо каралган, бул дүйнөнү бүтүндөй кабылдоого өбөлгө болот.

## 25. 1-6-класс башталгыч билим берүү болгондо, 1-классты алган мугалим ошол классты 6-класска чейин окутабы же 4-класстан кийин башка мугалим жана класс жетекчи болобу?

1–4-класстарда мурдагыдай эле бир эле мугалим сабак берет. Ал эми 5–6-класстарда предметтик мугалимдер сабак берет жана класс жетекчинин позициясында болушат. Болочокто жождордо башталгыч класс му-

галимдерин даярдоо программасына 12 жылдык мектептин башталгыч класстарынын компоненттери киргизилгенде жана башталгыч класстын иштеп жаткан мугалимдери квалификациясын жогорулаып, кайра даярдоо курстарынан окушкандан кийин, башталгыч класстын мугалими 1-6-класстарда сабак берип, ошол эле учурда класс жетекчи дагы боло алат.

### 26. 1-4-класстарда иштеген башталгыч класстын мугалимдери 5-6-класстарда да сабак өтө алышабы?

Кыска мөөнөттүү кайра даярдоодон (бир жылдан бир жарым жылга чейин) өтүп, жогорку билимге кошумча кесиптик билим жөнүндө диплом алгандан кийин же 12 жылдык мектептик билим берүү программасынын дипломү колго тийгенден кийин 1-4-класстарда иштеген башталгыч класстын мугалимдери 5-6-класстарда да сабак өтө алышат?

### 27. 12 жылдык билим берүүдө кесипке багыт берүү, технология жана көркөм өнөр сабактарынын тагдыры кандай болот?

12 жылдык билим берүүдө кесипке багыт берүү багытында технология жана көркөм өнөр предметтери интеграцияланып, жаңыча “Көркөм өнөр жана технология” деп аталып, башталгыч 1-6-класстарда жумасына эки сааттык жүктөм менен окутулат. Азыркы учурда аталган сабактын предметтик стандарты, окуу программасы жана предметтин мазмуну менен өзөгүн чечмелеген КТП (Календардык-тематикалык планы) иштелип чыкты. Мурда 2011-жылга чейин көркөм өнөр, технология предметтеринин окуу китептери жана методикалык колдонмолор жазылбай, жетишсиз болуп келгендиги ачуу чындык.

### 28. Дин тануу сабагын кайсы класстарда канча көлөмдө окутулат?

Өспүрүм окуучулардын дин таануу сабаттуулугун жогорулатуу максатында 7-класста «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин окутууга жумасына 1 саат бөлүнөт. Бул предметти окутууга Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети менен Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан текшерүүдөн өткөн «Тарых» предметинин мугалимдери жана тийиштүү кесиптик билими бар теологдор тартылат. Аталган предметти окутуу Кыргыз билим берүү академия-

сы иштеп чыккан окуу программасына, КТП жана методикалык сунуштарга ылайык жүргүзүлөт.

## 29. Окуучулардын окуу жүктөмүндө кандай өзгөрүүлөр болот?

10-11-12-класстарда сааттардын катышы профилдик предметтердин пайдасына көбөйтүү менен кайра бөлүштүрүлөт.

Мисалы, окуучу табигый-илимдер/инженерияны тандаса, физика, математикага, эгер медицинаны тандаса – химия, биологияга, ал эми гуманитардык багытты тандаса, тил жана адабиятка, тарыхка көбүрөөк саат берилет.

## 30. 12 жылдык билим берүү моделине өткөндө, 1-класстын жүктөмү канча саат болот?

2025/2026-окуу жылында 12 жылдык мектептик билим берүүгө этап-этабы менен өтүүчү Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу пландарына ылайык 1-класстар үчүн окуу жүктөмү жумасына 19 саатты түзөт.

**Таблица 4.**

| Класстар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумалык окуу жүктөмү | 19 | 21 | 22 | 22 | 27 | 28 | 30 | 29 | 30 | 29 | 29 | 30 |

## 31. Мугалимдерге бюрократиялык тоскоолдукту азайтуу үчүн кандай чаралар көрүлөт?

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жүргүзүп жаткан бюрократиядан арылуу саясатынын алкагында, Билим берүү жана илим министрлиги мугалимдерден талап кылынган отчетторду кыскартуу жана оптималдаштыруу боюнча системдүү ишке киришти.

Мугалимдер үзгүлтүксүз тапшырууга милдеттүү болгон бардык түрдөгү отчеттор кылдат анализден өткөрүлүүдө. Бул максатта атайын жумушчу топ түзүлүп, анын курамына жалпы билим берүү уюмдарынын өкүлдөрү – мектеп директорлору жана орун басарлары, райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн башчылары, билим берүү тармагындагы эксперттер жана министрликтин кызматкерлери кирди.

Жумушчу топтун максаты – ар кандай мамлекеттик органдар респуб-

ликалык, облустук жана райондук деңгээлде кайсы багыттар боюнча кандай отчетторду талап кыларын аныктоо жана министрликтин отчеттук маалыматтарга болгон ички муктаждыгын изилдөө. Бул кайталанган жана натыйжасыз документацияны жоюуга багытталган.

Белгилей кетсек, 2022-жылы министрлик Министрлер Кабинетинин тапшырмасы менен бир катар отчеттук формаларды жоюу демилгесин көтөргөн. Жаңы демилге бул процессти улантууга багытталып, санариптештирүү жана административдик жол-жоболорду жөнөкөйлөтүү боюнча жалпы саясат менен шайкеш келет.

**Учурда иштер төмөнкү багыттар боюнча жүрүп жатат:**

- «Э-Күндөлүк” платформасы аркылуу бардык отчетторду электрондук форматка өткөрүү;
- Мектептердин күнүмдүк ишмердүүлүгүндө чогултулган маалыматтардын негизинде отчетторду автоматтык түрдө түзүү;
- Маалыматтар санариптик системада бар болсо, таблицаларды жана формаларды кол менен толтурууну жоюу;
- Башка мамлекеттик органдар үчүн зарыл болгон маалыматтарга жеткиликтүүлүктү онлайн режимде камсыз кылуу.

“Э-Күндөлүк” электрондук күндөлүгүн ийгиликтүү ишке киргизүү үчүн мугалимдер бааларды жана эскертүүлөрдү өз убагында электрондук журналга киргизип турушу зарыл, ал эми мектеп жетекчилери инфраструктура жана башка параметрлер боюнча маалыматтарды үзгүлтүксүз жаңылап туруусу керек. Бул системага мугалимдерге кошумча жүк жүктөбөстөн отчетторду автоматтык түрдө түзүүгө мүмкүндүк берет.

Аталган чаралар мугалимдердин административдик жүгүн бир топ жеңилдетип, билим берүү системасындагы документ жүгүртүүнүн натыйжалуулугун арттырат.

## 32. 12 жылдык окуу киргенине байланыштуу кайсы класстарда секирик болот?

Ар бир окуу жылында бир гана класс секирик болуп, өтмө модель колдонулат.

2025-2026-окуу жылында 0-класста окугандар 2-класска көчөт, мындан башка секириктер жок болот. Бала бакчанын даярдоо тобун же “Наристе” программасын бүткөн балдар түз эле 2-класска кабыл алынат.

2026-2027-окуу жылында 5-класстын окуучулары 7-класска өтүшөт. Бул система 2029-2030-окуу жылына чейин уланат.

2027-2028-окуу жылынан тартып, 9-класстын окуучулары түз эле 11-класска өтүшөт. Бул этап 2030-2031-окуу жылына чейин ишке ашат.

Ошондой эле, жаңы окуу жылынан баштап 5-класстар интеграцияланган программа боюнча билим алышат – 5 жана 6-класстардын окуу мазмуну бириктирилет.

### 33. 2025-2026- окуу жылында мектептер эки программа менен окутабы?

Ооба, бир гана 2025-2026-окуу жылында эле эмес, 2028-2029-окуу жылына чейин мектептеги айрым класстар 12 жылдык билим берүү программалары менен окутулса, айрым класстар 11 жылдык окуу программалары менен менен окутулат.

### 34. Табият таануу сабагын канчанчы класстар окуйт. Окута турган мугалимдер даярбы?

12 жылдык билим берүү программасы боюнча окуган окуучулар үчүн жаратылыш таануу багытындагы сабактарды өздөштүрүү каралган. Бул сабактар окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтип, илимий ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Алар төмөнкүдөй этаптарда окутулат:

1. «Мен жана дүйнө» сабагы – 1-5-класстарда окутулат. Бул сабак аркылуу окуучулар табият, коом жана адам тууралуу баштапкы түшүнүктөрдү алышат.
2. «Табият таануу» сабагы – 5-класста окутулат. Бул сабакта окуучулар табигый илимдердин негиздери менен таанышып, илимий ой жүгүртүүнү өздөштүрүшөт.
3. «Биология», «Физика», «Химия», «География» сабактары – 7-класстан баштап өз алдынча предметтер катары окутула баштайт. Бул предметтер табият таануунун тереңдетилген баскычын түзөт.

10-12-класстарда профилдик билим берүү каралган. Анын ичиндеги профилдик багыттын бири дал ушул табигый-илимий предметтер боюнча терең билим алууга багытталат.

### 35. 2025–2026-окуу жылында физика, химия, биология жана география сабактары кандайча окутулат?

**Физика, химия, биология жана география** – мурдагы жылдагыдай эле окутулат. Тактап айтканда:

- **7, 8 жана 9-класстар үчүн сааттык жүк бирдей бойдон калат:**

- **Физика** – жумасына 2 саат
- **Биология** – жумасына 2 саат
- **География** – жумасына 2 саат
- **Химия** – 7-класстан баштап 1 саат (мурун 8-класстан башталчу), ал эми 8-9-класстарда 2 сааттан
- **Окуу материалдары:**
- Учурда колдонулуп жаткан кыргызстандык окуу китептери мурункудай эле колдонулат.
- Ошол эле учурда жаңы УМКлар (окуу-методикалык комплекстер) да киргизилет. Алардын катарында дүйнөлүк белгилүү Marshall Cavendish басмасынан чыккан интеграцияланган окуу китептери (физика, химия, биология биригип берилген) колдонулат. Бирок сабактар салттуу ыкма менен окутулат – ар бир предмет өзүнчө темалар менен, календардык-тематикалык планга (КТП) ылайык өтүлөт.
- **Мугалимдерди даярдоо:**
- Бардык табигый-илимий предметтерин окутуу үчүн мугалимдер кыска мөөнөттүү кесиптик кайра даярдоо курсунан өтүшү керек.
- Бул курсту аяктагандарга учурдагы жогорку билими негизинде кошумча кесиптик билим тууралуу диплом берилет (мисалы, химия, физика, биология багытында).

Бул ыкмалар 12 жылдык билим берүү системасына өтүүнүн алкагында, табият таануу предметтеринин мазмунун жаңыртуу жана сапатын жогорулатуу максатында ишке ашырылууда.

## 36. Англис тили кайсы класстан баштап кирет жана кайсы китеп менен окушат?

Англис тили мурункудай эле 3-класстан баштап 12-класска чейин окутулат. Мектептерди жаңы муундагы сапаттуу окуу китептери менен камсыз кылуу максатында дүйнөлүк таанылган Кембридж стандарттары, алардын окуу-методикалык комплекстери менен мектептерди камсыз кылуу багытында иштер жүрүп жатат.

Жаңы окуу жылы үчүн англис тили боюнча адаптацияланган «Take Off with English» окуу китептери басылып чыгат. Китеп авторлор Фрэнсис Трелоар жана Стив Томпсон тарабынан Кембридж билим берүү стандарттары боюнча жазылган. Ал окуу китеби, иш дептери жана методикалык колдонмодон турат. Учурда 3-9-класстар үчүн адаптацияланган версиялары калыпка салынып, басып чыгарууга даярдалууда.

# III БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖАҢЫ МОДЕЛИНЕ КӨЧҮҮ ШАРТЫНДА МУГАЛИМДЕРДИ ДАЯРДОО ЖАНА КОЛДОО

## 37. Билим берүүнүн жаңы модели кирип жатканына байланыштуу мектеп мугалимдерине кандай жаңы талаптар коюлууда?

Азыркы дүйнө тездик менен өзгөрүп жатат, жаңы кесиптер жана жаңы көндүмдөр пайда болууда. Ошондуктан мугалимдерге жана окутуучуларга коюлган талаптарды кайра карап чыгуу керек. Алар санарип технологиялар жана глобалдык өзгөрүүлөр шартында камчы салдырбай иштеш үчүн керектүү билимге жана көндүмдөргө ээ болушу зарыл.

Жаңы бекиген мамлекеттик билим берүү стандартында заманбап педагогдун өзөгү боло турган улуттук баалуулуктар жана социалдык-инсандык компетенциялар (жоопкерчилик, абийирдүүлүк, коммуникация, креативдүүлүк, командада иштей билүү, сынчыл ой жүгүртүү ж.б.) аныкталган. Мугалим 20 пайызы теория жана 80 пайызы окуучулар интерактивдүү ыкма менен өз алдынча аткаруучу практикалык тапшырмаларды камтыган окуу китеби менен иштөөгө даяр болушу керек. Ошону менен бирге мамлекеттик билим берүү стандарттарынын негизинде универсалдуу компетенциялар (тилдик жана санариптик), ошондой эле кесиптик компетенциялар (окутуу методикасын, психологиялык аспектилерди билүү жана билим берүүдөгү инновацияларды колдонуу) да каралган.

Жалпы билим берүүчү мектептин мугалиминин кесиптик стандартында бир катар эмгек функциялары жана компетеницялар көрсөтүлгөн. Алар мугалим мектептеги окуу-тарбия процессинде ишке ашыра турган көндүмдөр менен жөндөмдөрдүн бүтүндөй бир спектрин көрсөтөт. Аны ишке ашыруу үчүн мугалим билимин жогорулатып же кайра даярдоодон өтүп, же жогорку окуу жайында билим берүү программасын өздөштүрүүгө тийиш болот. Жалпы билим берүү уюмунун кесиптик стандарттары (педагогикалык кызматкер (мугалим, педагог) P85.31.2330 P8522341) КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин сайтында жайгаштырылган. https://mlsp.gov.kg/ru/reestr-professionalnyh-standartov-2/

## 38. Мамлекет мугалимдердин санарип жана технологиялык компетенцияларын өнүктүрүүдө кандай колдоо көрсөтөт?

Мектеп мугалимдерин технологиялык жабдуулар менен камсыздоо иштери башталды. 2025-жылдын август айынын башында 27 031 даана ноутбук аймактарга жеткириле баштады. Алар жаңы окуу жылы башталганга чейин жер-жерлерде өткөрүлүүчү педагогикалык кеңешмелерде STEM предметтеринин мугалимдерине тапшырылат.

• **Ноутбуктар менен камсыздоо:** Мектеп мугалимдерин технологиялык жабдуулар менен камсыздоо иштери башталды. Биринчилерден болуп Каракол шаарындагы 200 мугалимге “Алтын Казык” ноутбуктары берилди. Учурда бул ноутбуктар сыноо режиминде колдонулууда. Мугалимдердин пикирлери өндүрүүчү компанияга жөнөтүлүп, кемчиликтер эске алынып, жакшыртуулар киргизилет. Андан соң баардык мугалимдерге ноутбук берүү пландалууда.

• **“Санарип кампа” платформасы:** Бул платформа Кыргызстандагы жаңы улуттук билим берүү модели алкагында мугалимдерге жана окуучуларга жеткиликтүү, сапаттуу жана заманбап билим берүү материалдарын кыргыз жана орус тилдеринде сунуштайт.

**Атап айтканда, платформа:**

- Математика, физика, химия, биология, география сыяктуу STEM-предметтери боюнча кошумча материалдарды берет;
- Окуу процессин санариптештирүү, жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу максатында иштелип чыккан;
- Мугалимдерге жумушун жеңилдетип, убакыт үнөмдөөгө жардам берет – бул методикалык кошумча ресурстардын акысыз фонду;
- Жасалма интеллект жардамы менен сабак пландарын түзүү, тесттерди даярдоо, үй тапшырмаларын даярдоого мүмкүнчүлүк болот.

Бул аракеттер билим берүүнү санариптик доорго ылайыкташтырууга жана мугалимдердин кесситик деңгээлин көтөрүүгө багытталган.

## 39. 12 жылдык билим берүү киргенде мугалимдердин баары билимин жогорулатуу курстарынан окушу керекпи? Бул биринчи кезекте кайсы сабактын мугалимдерине тийиштүү?

Мектептеги билим берүүнүн 12 жылдык модели киргизилип жаткан шартта, дээрлик бардык мугалимдер билимин жогорулатышы керек болот. Бул – азыркы замандын талабы.

12 жылдык мектептик билим берүү 1,2,5,7-класстарда башталды, так-тап айтканда жаңы стандарттар, окуу программалары, КТП иштелип чыкты. Ошондуктан 2025-26-окуу жылынын башына карата ушул класстын мугалимдери милдеттүү түрдө 12 жылдык жаңыланган окуу мазмуну боюнча квалификацияны жогорулатуу курсунан өтүүгө тийиш.

**Таблица 5.**

| № | Квалификацияны жогорулатуу курсунун аталышы | Мугалим-предметник-тер | Аргументация |
|---|---|---|---|
| **БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕП** | | | |
| 1 | 12 жылдык мектептин 1-2-класстары үчүн окуу программалары: мазмундук өзгөчөлүктөр жана аларды ишке ашыруу технологиялары» | 12 жылдык мектептин башталгыч класстарынын мугалимдери | Башталгыч класстын мугалимдери окуганды, жазганды, санаганды билбеген 6 жаштагы окуучуларды окутуп көрө элек.<br>«Мен жана дүйнө» интеграцияланган предметине өзгөрүүлөр киргизилди.<br>«Көркөм чыгармачылык жана технология» предметтери бириктирилди.<br>1-класс үчүн математика, жаратылыш таануу, орус тили жана окуу боюнча жаңы окуу китептери киргизилди. |
| 2 | «1-3-класстарда баа коюусуз жана формативдик баалоонун ыкмалары» | 12 жылдык мектептин башталгыч класстарынын мугалимдери | Мугалимдер баа коюусуз жана формативдик баалоо ыкмаларын үйрөнүп, критериалдык баалоо техникасына даярданышы керек. |
| 3 | «Башталгыч мектеп үчүн УМК: мазмуну жана аны колдонуу технологиясы» | 12 жылдык мектептин башталгыч класстарынын мугалимдери | 1-класс үчүн жаңы окуу китептери киргизилди: математика, жаратылыш таануу, орус тили жана окуу. Мугалимдер жаңы мазмунду жана методикалык ыкмаларды түшүнүшү керек. |
| 4 | «Эмоционалдык интеллект жана психологиялык-педагогикалык колдоо» (башталгыч мектептин окуучусунун психологиялык жана курактык өзгөчөлүктөрү, класстагы психологиялык климат) | 12 жылдык мектептин башталгыч класстарынын мугалимдери | Кенже мектеп курагында баланын эмоционалдык чөйрөсүнүн негизи болгон түшүнүү, ой-сезимдерин билдирүү жана жөндөө көндүмдөрү калыптанат. Мугалим баланы мектепте окутуп эле чектелбей, анын эмоционалдык насаатчысы болуп, мектепке көнүп кетишине жардам бериши керек.<br>Азыркы балдарда стресс, тынчсыздануу, агрессия көп кездешет. Мугалим аларды аныктап, туура реакция жасай билиши зарыл. Эмоционалдык интеллект – конфликтти конструктивдүү чечүү, ата-эне менен байланыш түзүү үчүн маанилүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5 | «Адам жана коом» предметинин мазмуну жана анын «Мен жана дүйнө» сабагына интеграциясы (5-класс) | 12 жылдык мектептин тарых мугалимдери | 12 жылдык билим берүүдө бул предмет 5-класста «Мен жана дүйнө» сабагына 2 сааттык интеграция менен киргизилет. |
| 6 | «Табият таануу: 5-класстагы жаңы мазмун жана УМК киргизүү шартында» | 12 жылдык мектептин физика, химия, биология мугалимдери | «Табият таануу» предмети биринчи жолу экологиялык («жашыл») көндүмдөр менен жаңыланган. Мугалимдер бул мазмунду буга чейин үйрөнүшкөн эмес. Жаңы УМК киргизилет, аны түшүнүп, методикалык ыкмаларды өздөштүрүү керек. |
| 7 | «Математика: 5-класстагы мазмун жана ОМКны колдонуу» | 12 жылдык мектептин математика мугалимдери | Математика боюнча жаңы УМК киргизилет. Мугалимдер аны түшүнүп, жаңы методикалык ыкмаларды үйрөнүшү керек. |
| **НЕГИЗГИ МЕКТЕП** | | | |
| 8 | «Табигый илимдер (физика, химия, биология): жаңы УМК киргизүү шартында окутуу технологиясы» | 7-класстын физика, химия, биология мугалимдери | Химия сабагы 7-класстан баштап киргизилет. Интеграцияланган «Жаратылыш илимдери» УМК биринчи жолу киргизилет. Мугалимдер бул УМКны өздөштүрүп, жаңы ыкмаларды үйрөнүшү керек. |

Билим берүү системасында жүрүп жаткан өзгөрүүлөрдү, жаңы стандарттарды, предметтик программаларды жана санариптик технологияларды ар бир мугалим жакшы билиши жана колдонушу зарыл.

Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун базасында даярдалган 80 мастер-тренер жер-жерлерде математика жана табигый-илимий предметтер боюнча 15880 мугалимди жаңы технологияларга окутушту.

Ал эми жаңы окуу жылында ар бир мугалим онлайн режимде жылына кеминде 100 сааттык квалификацияны жогорулатуу курсун өтүшү керек болот. Курсту аяктаган мугалимдерге тастыктоочу сертификаттар берилет.

Мындан тышкары, улуттук мазмундагы предметтерди окуткан мугалимдер үчүн жаңы окуу программалар даярдалып жатат.

2025-жылдын жай айларынан тарта мугалимдерди ушул жаңы программалардын негизинде окутуулар башталат.

### 40. Жеке менчик мектептердин мугалимдери каяктан, качан курстан өтөт?

Жеке менчик мектептердин мугалимдери кайрылууларына жараша Республикалык педагогикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунан жана облустардагы билим берүү институттарынан, методикалык борборлордон курстардан өтө алышат.

### 41. Башка сабакты окуткусу келген мугалим кайра даярдоодон өтөбү же билимин жогорулатабы?

Биринчиден, мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү жана кайра даярдоо деген түшүнүктөр бар. Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү учурда 72 сааттык курстун негизинде ишке ашырылууда.

Экинчиден, мугалимдерди кайра даярдоо (бир мугалимдиктен башкасына өтүү же мурда инженер, агроном сыяктуу билим алып, кийин физика, математика же биология, химия мугалими болгусу келгендер ж.б.) борборлору, бөлүмдөрү дээрлик бардык университеттерде бар.

РИППКда 2024-жылы жогорку билимдин негизинде кайра даярдоо ачылган, жакында биринчи бүтүрүүчүлөр дипломдорун алышат.

### 42. 12 жылдык билим берүү кирип жатканына байланыштуу мугалимдердин окуу курстары кандай уюшулган?

Жылдан-жылга квалификациясын жогорулаткан мугалимдердин саны өсүп жатат. Мисалы, эгер 2022-жылы 17 219 мугалим билимин өркүндөтсө, 2023-жылы – 35 854, 2024-жылы – 56 445, ал эми 2025-жылы – 41 081 мугалим курстан өтүшөт.

Жаңы система боюнча иштей турган мугалимдер 2025-жылдын сентябрына чейин жана күзгү-жайкы эс алуу учурунда окутуудан өтүшөт. Бул мугалимдер – математика жана табият таануу сабактарынан (1-2, 5, 7-класстар), ошондой эле англис тили сабагынан (3-9-класстар) сабак бере тургандар.

Мындан тышкары, мурдагы программалар боюнча иштей турган башка мугалимдер да 12 жылдык билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен бекитилген план-график боюнча курстан өтүшөт.

### 43. Мугалимдер 12 жылдыкка даяр болуу үчүн ыктыярдуу эмес, милдеттүү аттестациядан өтөбү?

Проблема педагогикалык окуу жайлардагы окутуунун сапаты менен байланыштуу. Аттестация мугалимдерге кесиптик өсүп-өнүгүүгө дем бериш керек эле. Бул маселени чечүүдө Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту жана Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаменти маанилүү ролду ойнойт.

### 44. Педагогикалык кесике окуп, бирок мектепке барбай жаткан мугалимдер көп болууда. Ал эми мектепке барган жаш адистердин даярдыгы начар. Бул кемчиликти жоюнун кандай аракети көрүлүүдө?

Статистикалык маалыматтарга таянсак, жогорку окуу жайын бүтүргөн 100 бүтүрүүчүнүн болгону 15 гана мектепте калат. Бул көрсөткүч билим берүү системасындагы кадрдык потенциалдын начарлашын жана мугалимдик кесипке болгон кызыгуу төмөндөп жатканын көрсөтөт. Демек, башкы максат – билим алып, бирок аны практикада колдонбогон бүтүрүүчүлөрдүн санын кыскартуу жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу.

Мурда жаңы бүтүп мугалим болуп калгандар кесиптик чеберчиликти жогорулатуу курстарына келе алчу эмес. Анткени мугалимдер беш жылда бир жолу мамлекеттик акысыз курстардан өтө алышчу. Азыр бул ченем "Билим берүү жөнүндө" мыйзамдан алынып салынды.

Ар бир мугалимдин жыл сайын 100 сааттык курстан өтүүсү үчүн даярдыктар жүрүүдө.

Ошондой эле мугалимдердин дараметин арттырууга коомдук уюмдар да өз салымдарын кошууда. Алсак, "Чырак" коомдук фонду педагогикалык багыттагы студенттердин арасында конкурстарды өткөрүп, жеңүүчүлөргө стипендия төлөп, аларды окууну бүткүчөктү кошумча түрдүү заманбап окуулардан өткөрүп, колдоо көрсөтүүдө. Андай бүтүрүүчүлөр айылдарда ийгиликтүү иштеп жатышат.

"Заманбап мугалим" коомдук фонду башка багыттагы адистерди мугалимдикке тартып, окутушууда. Алар эл аралык тажрыйбанын негизинде конкурс аркылуу тандап алышып, Токмок шаарындагы Борбор Азиядагы эл аралык университеттин базасында магистрдик билим берүүдө. Алар

жайкы лагерде окуулардан өткөндөн кийин мектептерге мугалим болуп орношот. Учурда алар окуп да, иштеп да жатышат. Башкача айтканда, дуалдык окуу ишке ашууда.

### 45. 12 жылдык билим берүүгө өтүүдө окутуу усулдарын өзгөртүү каралып жатабы?

12 жылдык билим берүү реформасынын негизги максаты – билим берүү методикасын жаңыртуу жана коомдун талабына ылайык өзгөрүүлөрдү ишке ашыруу. Бул үчүн төмөнкү маселелерге өзгөчө көңүл буруу зарыл:

Методиканы өзгөртүү – мугалимдер окутуу усулдарын заманбап шарттарга ылайыкташтырып, окутуунун активдүү, критикалык ой жүгүртүүгө жана практикалык жөндөмдөргө багытталган моделдерин иштеп чыгышы керек;

Өз алдынча билим алуу жана өнүгүү – окуучуларга маалыматты жаттатуу эмес, анализдөө, талдоо жана өз алдынча чечим кабыл алуу көндүмдөрүн калыптандыруу; өзүн таануу концепциясын киргизүү – билим берүү инсандын интеллектуалдык гана эмес, эмоционалдык жана моралдык өнүгүүсүн да камсыз кылышы керек.

Билим берүү системасынын ийгиликтүү өнүгүшү үчүн мугалимдер өзгөрүүгө даяр болушу зарыл. 12 жылдык билим берүү реформасы мугалимдердин квалификациясын жогорулатууга, билим берүү методикасын жаңылоого жана окуучуларга 21-кылымдын көндүмдөрүн активдүү үйрөтүүгө багытталган жаңы стандарттарды иштеп чыгууга умтулат. Өлкөнүн өнүгүүсү жаратылыш байлыктарына гана эмес, адам капиталынын сапатына көз каранды. Ошондуктан, билим берүү процесси терең билимди гана эмес, коомдогу позитивдүү өзгөрүүлөрдү жаратуучу жаңы муунду тарбиялоого багытталышы керек.

### 46. Эмне үчүн STEM сабактарын окуткан мугалимдерге биринчи кезекте көңүл бурулуп жатат?

Инженердик кесиптерге үйрөткөн математика, илим, техника, инженерия багыттарында окутууга орчундуу көңүл бурулууда. Мугалимдер бүгүнкү күндө Кембридж системасы боюнча квалификацияны жогорулатуу курстарынан окуп жатат. Сынактан өтүп келген мектеп директорлору да кесиптик чеберчилигин жогорулатышууда. Ошондой эле окуучулардын ишкердик көндүмдөрүн калыптандырууга жаңы курстар иштелип чыкты.

Бүгүнкү күндө 120 предметтик, тематикалык жана көчмө курстар иштесе, анын ичинен 30дан ашыгы жаңы курстар. Алсак, модернизацияланган ченемдик-укуктук документтерге жана PISAнын талаптарына негиздеп сабакты пландоо; STEM, STEAM, STREAM, PISAнын контексттеринде интеграциялап окутуу; башталгыч мектепте функционалдык сабаттуулукту калыптандыруу: диагностика, колдонуу, жалпылоо; окуучуларда жашыл көндүмдөрдү калыптандырууда класс жетекчинин ишмердүүлүгү; жождордо, колледждерде предметти жана тилди (CLIL) интеграциялап окутуу методикасы ж.б. бар.

Санариптик технологияларды өнүктүрүү жана социалдык тармактар менен иштөөдө: "Moodle" платформасы ишке киргизилип, учурда 80ден ашык электрондук курстар бар. Дүйнөлүк банктын долбоорунан 58000 мугалим окуп, сертификат алышты.

### 47. Педагогика багытында окуп келген жаш адистердин даярдыгы төмөн болуп жатканы жаңылык эмес. Бул кемчиликти оңдоонун кандай чарасы көрүлүүдө?

Мамлекет педагогикалык кадрларды даярдоонун сапатына да, санына да орчундуу көңүл буруп, бир катар чараларды көрүүдө. 2024-жылы жогорку окуу жайларына педагогикалык кесипке 2000 мамлекеттик гранттык орун берилип, ЖРТ босого баллы 120га көтөрүлгөн. 2025-2026-окуу жылында босого балл дагы жогорулатылып, 125-130 балл болду. Анын ичинде, мамлекеттик грантка 130, контракка 125 балл.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы №383 токтому менен жумуш ордунда окутуу жөнүндө жобо бекитилген. Бул студенттерге теориялык окутууну практика менен айкалыштырууга (2 күн университетте – теория, 3 күн мектепте – практика) мүмкүндүк берет. Устаттын колдоосунда дуалдык окутуунун мындай форматы студенттерге мектепте иштөөнүн реалдуу шарттарына ыңгайлашууга, кесиптик компетенцияларды өнүктүрүүгө, мугалимдик кесиптин асылдыгын аңдап түшүнүүгө жана билим берүү системасында педагог катары орун-очок алууга жардам берет.

Өзүнүн өлкөсүнүн маданий-тарыхый өзгөчөлүктөрүн (этнопедагогикасын) өзөк кылган, өнүккөн өлкөлөрдүн алдыңкы тажрыйбасы менен байытылган жаңыланган стандарттар менен иштейт. Педагогикалык окуу жайлары "үч иштен бир иш" моделине өтүшөт – алар жаңы адис-

терди даярдап гана тим болбостон, иштеп жаткан мугалимдерди кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу ишин аткарышат.

### 48. Жаңы модель киргенден кийин мугалимдердин эмгек акысын көбөйтүү маселеси каралабы?

Агартуу министрлигинин расмий маалыматына караганда, 2026-жылы билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин, анын ичинде методисттердин эмгек акысы эки этап менен жогорулайт – апрелде жана октябрда.

Ошондой эле райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүн, ошондой эле облосттук педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу борборлорун автотранспорт менен камсыз кылуу маселеси да чечилүү алдында турат.

Агартуу министри Догдургүл Кендирбаева 12 жылдык билим берүү моделине өтүүгө байланыштуу мугалимдерге эмгек акы төлөөнүн жаңы модели иштелип чыгарын, анда мугалимдердин ишинин реалдуу көлөмү, түйшүк-машакаты баары эске алынарын билдирген.

Мугалимдердин эмгегин субъективдүү түрдө эле эмес, жасалма интеллектинин жардамы менен баалоо жөнүндө да сөз болууда. Мисалы, окуучулардын жетишкендигине негизделген моделде чейректердин жана окуу жылынын жыйынтыгы чыгарылып, мугалимдин эмгеги бааланат.

### 49. Окуу жүктөмү кыскарганда мугалимдердин айлык маянасынын ставкасы кандай болот?

2025-2026-окуу жылында 12 жылдык билим берүү программасы менен саналуу класстар окуп баштайт. Предметтик стандарттар жана окуу программалары учурда даярдалууда. Мугалимдердин сааты дээрлик кыскарбайт.

# IV ОКУУ КИТЕПТЕР МЕНЕН КАМСЫЗДОО

## 50. Окуу китептеринин тартыштыгы көп жылдардан бери чечилбей келаткан көйгөйгө айланды. Жаңы моделге киргенде бул маселе ого бетер курчубайбы?

2025-жылга мамлекет тарабынан окуу китептерин басып чыгарууга 744 млн сом бөлүндү. 2025-2026-окуу жылында төмөнкү окуу-методикалык комплекстерди басып чыгаруу пландалууда:

– “Англис тили” (3-9-класстар) – жалпы суммасы 300 млн сом, жалпы нускасы 2 млн;

– “Математика” (1, 2, 5, 8-класстар) – жалпы суммасы 200 млн сом, жалпы нускасы 1,4 млн;

– “Табият таануу” (1, 2, 5, 8-класстар) – жалпы суммасы 200 млн сомго жакын, жалпы нускасы 1,4 млн.

Англис тили боюнча жаңы окуу китептери басылып чыгууда. 2025-жылы өлкөнүн 4-класстары үчүн 158 700 окуу китеби басылды.

Быйыл өлкөнүн бардык мектептери 3, 5, 6, 7, 8, 9-класстар үчүн англис тил боюнча жаңы окуу китептерин алышат. Бул китептерди чыгаруу республикалык бюджеттин эсебинен каржыланууда.

Математика жана табият таануу боюнча окуу китептери улуттук мазмунга ылайыкташтырылууда.

2026-2027-окуу жылында математика, табият таануу, химия, биология, физика жана астрономия боюнча окуу китептери басылып чыгат, ал эми 2027-2028-окуу жылында 10-12-класстар үчүн математика, химия, биология, физика жана астрономия боюнча окуу китептери басып чыгарылат.

Окуу китептерин жаңы билим берүү стандарттарына ылайык адаптациялоо боюнча жигердүү иш жүрүп жатат. Ошондой эле, окуу китептеринин электрондук версиялары иштелип чыгууда, бул алыскы региондордогу окуучулар үчүн өзгөчө маанилүү. Бул сапаттуу билим берүү ресурстарына кеңири жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыздайт жана окуу процессине заманбап технологияларды киргизүүгө мүмкүндүк берет.

**Жаңы муундагы окуу китептери менен камсыз кылуу этаптары:**

**2025-жылдын 1-сентябрына чейин**

**Окуу китеби, методикалык колдонмо, жумушчу дептер, аудио-видео-версия, QR-code**

**STEM (илим менен коштолгон предметтер):**

**1-класстар үчүн:**

1-жарым жылдык үчүн окуу материалдары

2-жарым жылдык үчүн ОМК

Англис тили: 3, 4, 5, 6, 7, 8, 9-кл.

Табият таануу: 1, 2, 5, 7, 8-кл.

Математика: 1, 2, 5, 7, 8-кл.

"Евразия" (Орусия) - **1 жана 2-класстар үчүн жаңыланган "Орус тили жана окуу", 5 жана 7-класстар үчүн "Орус тили" жана "Орус адабияты"** окуу китептери алынат

**Жаңы окуу-методикалык комплекстери:**

**"Учкун" ачык акционердик коому** жалпы билим берүү уюмдары үчүн окуу материалдарын басып чыгарат (Концепцияга ылайык)

| Предметтин аталышы | 2026/2027-окуу жылы | 2027/2028-окуу жылы |
|---|---|---|
| Математика | 3, 4, 6, 9, 11-класстарга | 10, 12-класстарга |
| Табият таануу | 3, 4, 6, 9-класстарга | |
| Химия | 11-класска | 10, 12-класстарга |
| Биология | 11-класска | 10, 12-класстарга |
| Физика, астрономия | 11-класска | 10, 12-класстарга |

**Филологиялык, социалдык, искусство жана технология, ден соолук маданияты багытындагы предметтер боюнча** окуу-методикалык комплекстер кайра иштелип чыгат

**Тиешелүү класстар үчүн «Табият таануу» сабагы боюнча лабораториялык жабдууларды сатып алынат**

## 51. Окуучулар англис тилин кайсы класстан баштап жана кайсы окуу китептери менен окушат?

Англис тили, мурдагыдай эле, 3-класстан 12-класска чейин окутулат.

Бүгүнкү күндө кыргыз мектептеринде англис тили Маршал Кавендиш басмасынын окуу китептеринин негизинде окутула баштады.

Азыркы күнү 3-9-класстардын англис тил окуу китеби 1 917570 нуска-да жалпы орто билим берүү уюмдарына жеткирилди.

2025-жылдын 28-апрелинде, Бишкек шаарындагы А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар лицей мектебинин 4-классынын окуучуларына англис тили боюнча жаңы окуу-методикалык комплекттер тапшырылды.

Бул китептер жаңы билим берүү стандарттарына ылайык келет жана кыргызча, орусча түшүндүрмөлөр менен коштолгон.

Мындай окуу материалдары окуучулардын тил үйрөнүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, англис тилин эффективдүү үйрөнүүгө шарт түзөт.

## 52. Башталгыч класстын окуучулары окуу китептер менен качан камсыз боло баштайт?

Азыркы күндө кыргыз тили жана адабияты, кыргыз тили, орус тили жана адабияты, орус тили предметтери боюнча стандарттар, программалар иштелип чыкты. Эми аларга ылайык окуу китептери иштелип чыгат. Ал эми математика жана табият таануу предметтери окуу китептери адаптацияланып басмага даярдалууда. Министрлик 2025-2026-окуу жылы 1-2-класстарды окуу китептери менен камсыздоо үчүн бардык чараларды көрүүдө.

## 53. Эмне үчүн үлгү катары Сингапурдан окуу китептери алынды?

PISA эл аралык баалоосунда келе турган суроолордун бир тобунун жооптору 9-класста эмес (аны 15 жаштагы балдар тапшырышат), биздин окуу китептерде 10-11-класстарда экени аныкталды. Бул 15 жаштагы окуучулардын билим деңгээли менен мектеп программасынын мазмунунда чоң ажырымды жаратат.

Ошол эле учурда Сингапур колдонуп жаткан (алар Азиянын шартына ылайыкташтырылган) Кембридж системасынын китептеринде PISA эл аралык баалоосунун талаптары толук эске алынган. Бул китептерди дүй-

нөнүн 100дөн ашык мамлекети колдонуп келет. Кыргызстан аларды жергиликтүү улуттук өзгөчөлүккө ылайыктап колдонууда. Эл аралык мыкты тажрыйбалар менен байытылган өзүнүн жаңы муундагы улуттук окуу китептерин чыгарууда деп айтсак туура болот.

### 54. 12 жылдык система боюнча башталгыч класстардын окуучуларына чыгарылып жаткан окуу китептердин негизги артыкчылыгы эмнеде?

Жаңы окуу материалдары окуучу үчүн окуу китеби менен иш дептерин, мугалим үчүн аудио жана видео материалдар менен окуу-методикалык колдонмолорду камтыган окуу-методикалык комплекстерден турат. Эгер мурда окуу китептери татаал академиялык тил менен жазылып келсе, эми болсо, алар практикалык билимге жана заманбап методикаларга негизделген. Бул окуу китептери маалыматты тек гана жаттап алууну талап кылбайт, булар окуучулардын өз алдынчалуулугун өнүктүрүүгө, сынчыл ой жүгүртүүнү калыптандырууга жана интерактивдүү тапшырмалардын эсебинен шыкты арттырууга өбөлгө болот.

### 55. Окуу китептеринин тартыштыгы качан чечилет?

Бардык окуу китептер жаңылanuууда. 2025-жылы 2,5 милллион нускада 46 аталыштагы жаңы окуу китебин чыгаруу пландалууда. Коррупция болбош үчүн бардык окуу китептер тендери жок «Учкун» мамлекеттик басмаканасында чыгарылат.

2025-жылы мамлекет тарабынан 3-9-класстар үчүн “Англис тили”, 1, 2, 5, 7-класстар үчүн “Математика” жана “Табият таануу” сабактары боюнча окуу китептерин басып чыгарууга 744 миллион сом каражат бөлүнгөн.

Азыркы учурда математика жана табият таануу сабактары боюнча окуу китептери улуттук мазмунга ылайыкташтырылып бүткөрүлдү. Кийинки окуу жылында булар менен катар химия, биология, физика жана астрономия боюнча да жаңы китептер чыгарылат. Ал эми 2027-2028-окуу жылында 10-12-класстар үчүн математика, химия, биология, физика жана астрономия боюнча окуу китептери колго тиет.

Окуу китептеринин жетишсиздиги ушундай этап-этабы менен аткарылган иштердин натыйжасында жоюлат.

## 56. Окуу китептеринин электрондук версиясы болобу? Окуучулар оор китептердин ордуна аларды пайдалана алабы?

Ооба, учурда жаңы билим берүү стандарттарына ылайык окуу китептерди адаптациялоо жана электрондук версияларын даярдоо боюнча активдүү иштер жүрүп жатат.

**Электрондук окуу китептери:**

• Телефон, планшет же компьютер аркылуу колдонууга ыңгайлаштырылууда;

• Окуучулар аларды каалаган жерден жана учурда пайдалана алышат;

• Бул оор баштык жана көп китеп ташуу көйгөйүн азайтат.

✓ **Бул демилге:**

• Сапаттуу билим берүү ресурстарына кеңири жеткиликтүүлүктү камсыздоо, мектептеги окутуу процессине заманбап технологияларды киргизүү максатында ишке ашырылууда.

Электрондук китептер кагаз версияларына альтернатива катары сунушталып, билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет.

# V БИРИНЧИ КЛАССКА КАБЫЛ АЛУУНУН ШАРТТАРЫ. ЭЛЕКТРОНДУК КАТТОО

## *57.* 1-класска балдарды электрондук каттоо кандай тартипте болуп жатат?

Быйыл 1- жана 2-класска бара турган балдарды мамлекет өзү каттады. Ата-эне мурдагыдай көптөгөн документтерди топтоп убара болгон жок. Болгону 1-июнга чейин туруктуу жашаган жери боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан сунушталган мектепке баласынын барар же барбасын тастыктоо гана керек болду.

Ата-эне же баланын мыйзамдуу өкүлү 6-7 жашка жеткен баланы «Электрондук каттоо» АМСке 1mektep.edu.gov.kg сайты аркылуу онлайн каттайт. Андан кийин система таап берген мектепти тандап, аны кабыл алуу же баш тартуусун тастыктап, 2025-жылдын 1-июнуна чейин маалымдашы керек болду.

Мектепке каттоо мобилдик тиркемелер аркылуу жүргүзүлдү. Балдарды мектепке кабыл алуу боюнча бекитилген протоколго ылайык ата-энелер же мыйзамдуу өкүлдөр 2025-жылдын 1-июнуна чейин төмөнкү кадамдарды жасады:

1) **«Түндүк», MegaPay, МБанк жана МойО!+Банк** мобилдик тиркемелеринин бирин колдонуп, же болбосо **1mektep.edu.gov.kg** порталында электрондук каттоону баштоо;

2) «Электрондук каттоо» бөлүмүнө өтүп, анда нике каттоосуна (ЗАГС) ылайык балдарын көрсөтүү;

3) Каттоо үчүн мектеп жашына жеткен баланы тандап алуу;

4) Система автоматтык түрдө ата-эненин/мыйзамдуу өкүлдүн туруктуу каттоосуна ылайык жакын жайгашкан жалпы билим берүү мекемесин сунуштайт (микроаймак боюнча); айрым учурларда эки же үч мектеп сунушталат;

5) Ата-эне окуу тилин, сунушталган билим берүү мекемесин тандайт;

6) «Каттоо» баскычын басат.

Каттоо ийгиликтүү аяктагандан кийин, «Катталды» деген статус пайда болот.

## 58. Мектепке кабыл алуу үчүн кандай документтер талап кылынат?

**Мектепке кабыл алуу үчүн төмөнкү документтер талап кылынат:**

• Баланын ден соолугу тууралуу медициналык маалымкат (белгиленген үлгүдө);

• Эпидемиологиялык эмдөөлөр тууралуу медициналык маалымкат (белгиленген үлгүдө);

• Баланын сүрөтү (өлчөмү 3х4 см).

**ЭСКЕРТҮҮ:** Балдарды мектепке кабыл алууда жогоруда көрсөтүлгөндөн башка документтерди талап кылууга тыюу салынат.

## 59. Баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү так көрсөтүлбөсө, ата-эне эмне кылууга тийиш?

Эгер ата-эненин жарандык күбөлүгү Кыргыз Республикасы болсо, бирок балдары көрсөтүлбөсө, ата-эне жакынкы Калкка кызмат көрсөтүү борборуна (ЦОН) кайрылып, баланы ата-энеге тиркештирүүсүн талап кылышы керек. Тиркештирүү жүргүзүлгөндөн кийин ата-эне маалыматты жеке кабинетинде жаңыртуусу зарыл.

## 60. Баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү башка өлкөдөн болсо кандай кылуу керек?

Эгер баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгү башка өлкөдөн болсо, анда төмөнкү иштер аткарылышы керек:

1) Ата-эне Калкка кызмат көрсөтүү борборуна барып, Кыргыз Республикасынан ИЖН кодун алат;

2) 1mektep.edu.gov.kg порталында жеке кабинетте баланы кошот. «Баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүк берилген жери» деген жерде «Башка өлкө» деп жазат;

3) Баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн тиркейт;

Эгер мектеп көрсөтүлбөсө, жакынкы мектепке кайрылып, ата-эненин/мыйзамдуу өкүлдүн туруктуу каттоосу боюнча микроаймак чектеринде мектептин дареги бар-жогун тактап алышы керек;

Эгер туруктуу каттоо дареги мектептин микроаймагынын чектерине кирсе, мектеп директору бул induced даректи системага кошот;

Эгер каттоо дарегинде каталар болсо, жакынкы Калкка кызмат көрсө-

түү борборуна кайрылып, туруктуу каттоо дарегинин АИС АСБ (адресно-справочное бюро) системасында туура катталганын текшерүү керек.

Эгер бала көрсөтүлгөн мектепке каттала албаса, ата-эне/мыйзамдуу өкүл каттоо процессинен баш тартышы керек, “Каттоо болбойт” деген баскычты басып, төмөндөгү себептердин бирин тандап, баш тартуунун себебин көрсөтүү зарыл:

* Биз жеңилдиктерге ээ болобуз;
* Жеке мектепте окуйбуз;
* Биз окуп жатабыз;
* Инклюзивдүү бала (ЛОВЗ);
* Мектеп туура эмес;
* Башка өлкөгө кетебиз.

## 61. Мектепке каттоодо жеңилдикке ээ болгондор кимдер?

**Жеңилдикке ээ болгондордун категорияларына төмөнкүлөр кирет:**

* Жалпы билим берүү мекемелеринде иштеген мугалимдердин жана штаттык кызматкерлердин балдары (жумуш ордунан маалымкат);

*Аскер кызматкерлеринин балдары, үй-бүлөсүнүн жашаган жери боюнча (жумуш ордунан маалымкат);

* Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздардын балдары, кайрылман статусуна ээ болгондор (кайрылман күбөлүгү).

Балдарды 1- же 2-класска кабыл алуу үчүн ата-энелердин/мыйзамдуу өкүлдөрдүн арызы райондук/шаардык билим берүү бөлүмүнө берилип, чечимди комиссия кабыл алат.

## 62. Биз туруктуу катталган жерде эмес, башка даректе жашайбыз. Баламды ошол жактагы мектепке каттап салыптыр. Эми кандай кылабыз?

Эгер система мектепти эски катталган дарек боюнча сунуштап жатса, тиешелүү бөлүмдө кабыл алуудан баш тартып, 2-июнга чейин күтүү керек. Экинчи этап башталганда, баланы бош орун калган мектепке каттаса болот. Бирок ал жакта орун калбай калышы толук мүмкүн.

## 63. Адашып башка окуу тилин тандап алса эмне кылуу керек?

Тиешелүү бөлүмгө кирип, учурдагы каттоодон баш тартып, кайрадан өтүнмө берүү керек болот. Бирок бул учурда орун сакталбай калат. Кай-

радан каттоо учурунда керектүү тилде окуткан класста бош орун да болбой калышы ыктымал.

## 64. “Наристе” программасынан өткөн баланы система 2-класска эмес, 1-класска каттап салса кандай болот?

Эгерде бала “Наристе” программасынан өтүп, бирок система аны 1-класска каттап салса, бала барган бакчага кайрылуу керек. Бала бакчанын кызматкерлери аны программаны аяктаган балдардын тизмесине киргизген-киргизбегенин тактоо зарыл. Бала ал тизмеге кирбей калса, система аны 2-класска өткөрбөй койгон болушу мүмкүн.

## 65. “Наристе” программасынан өткөн балдар кайсы программа менен окушат?

“Наристе” программасы боюнча 480 сааттык мектепке даярдоо курсун бүткөн 6 жана 7 жаштагы балдар жаңы окуу жылында 2-класска барышат.

**Окуу программасы тууралуу:**

• 1 жана 2-класстар үчүн жаңы билим берүү программалары жана жаңы мазмундагы окуу китептери менен камсыздалат.

• Бул программалар 12 жылдык билим берүү моделине ылайык адаптацияланган.

✓ **Бул кадам:**

• Мектепке чейинки даярдыкты эске алуу менен, балдардын мүмкүнчүлүктөрүн максималдуу колдоо максатын көздөйт;

• Балдардын билимин натыйжалуу улантуу үчүн ырааттуулукту камсыз кылат.

## 66. Эгерде ата-эне каттоодо сунушталган мектептен баш тартып, баласын башка мектепке кантип киргизие алат?

Эгерде ата-эне система сунуштаган мектептен баш тартса, анда 2025-жылдын 2-июнунан 15-августуна чейин башка мектептерди (микроучастоктон тышкары) тандап, бош орундар бар болсо, баланы кабыл алууга мүмкүнчүлүк ачылат. Бул үчүн ата-эне/мыйзамдуу өкүл төмөнкү кадамдарды жасашы керек:

1) Системаны ачуу үчүн ата-эне же мыйзамдуу өкүл төмөнкү «Түндүк», MegaPay, МБанк жана МойО!+Банк мобилдик тиркемелерине кирет же болбосо 1mektep.edu.gov.kg порталында баланы каттаса болот;

2) «Мектепке электрондук каттоо» бөлүмүнө өтүп, анда нике (ЗАГС) каттоосу боюнча балдары көрсөтүлөт;

3) Мектепке каттоо үчүн мектеп жашына жеткен баланы тандайт;

4) Областты, районду/шаарды тандайт;

5) Көрсөтүлгөн мектептердин тизмесинен бош орундар бар болгон бир мектепти тандап алат;

6) Мектеп тарабынан сунушталган окуу тилдерин тандайт;

7) «Каттоо» баскычын басат;

8) Каттоо ийгиликтүү өтүп, «Катталды» деген статус пайда болот;

9) Жакынкы мөөнөттө, 4-августтан 5-сентябрга чейин, бала 1- же 2-класска кабыл алынганы тууралуу билдирүү келип, ата-эне/мыйзамдуу өкүл тиешелүү документтерди мектепке тапшырышы керек.

### 67. Атайын муктаждыгы бар балдар кандай тартипте кабыл алынат?

Балдарды көмөкчү жалпы билим берүү мекемелерине жана коррекциялык класстарга кабыл алуу санитардык нормаларга жана эрежелерге, ошондой эле жалпы билим берүү мекемесинин уставына ылайык жүргүзүлөт жана психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссиянын чечими менен гана «Электрондук каттоо» АМСтен тышкары жүргүзүлөт.

Эгерде ата-энеге/мыйзамдуу өкүлгө жеңилдик берилсе, анда арызды 1mektep.edu.gov.kg порталындагы ата-эненин жеке кабинети аркылуу берүү керек, андай учурда жеңилдикти тастыктаган документти бир айдан кечиктирбей тиркеш керек.

### 68. 2018, 2019-жылкы балдар мектепке келсе, канча кошумча класс ачылышы керек жана канча мугалим даярдалат?

1-класска келген балдарды камсыздоо үчүн кошумча 2 452 класс ачылат. 3 800дөй жаңы мугалим керек болот.

### 69. Бала «Наристе» программасы боюнча окуганын кантип тастыктоого болот?

«Наристе» программасы – бул 5-7 жаштагы мектепке чейинки билим берүү менен камтылбаган балдар үчүн иштелип чыккан программа. Ал эми бала бакчага барган балдар үчүн «Балалык» программасы колдонулат.

Бала бакчага барган балдар даярдоо тобунан түз эле 2-класска өтүшөт, анткени алар мектепке даярдоо программасы боюнча билим алышкан. Бул балдарга тест тапшыруунун кереги жок жана аларга сертификат берилбейт.

Мамлекеттик же менчик формасына карабастан, мектепке чейинки билим берүү кызматын көрсөткөн уюмдар төмөнкү сайтка катталышат: https://balalyk.edu.gov.kg/

Каттоодон өткөндөн кийин жеке кабинет аркылуу ар бир бала жөнүндө маалымат базасына киргизилет.

Система автоматтык түрдө баланын кайсы программа боюнча окуганын аныктап, аны 2-класска кабыл алат. Бул маалымат база аркылуу баланын кайсы программада окуганы көрсөтүп турат.

### 70. Мектепке катталгандан кийин баланын билимин текшерүү үчүн тест тапшырабы же дароо эле окуп баштайбы?

Жок, тест алууга мыйзам менен тыюу салынган. Мектепке балдар эч кандай текшерүүсүз кабыл алынат. Бул бардык балдар үчүн бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу максатында кабыл алынган мамлекеттик саясат.

# VI 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮГӨ КӨЧҮҮГӨ БАЙЛАНЫШТУУ ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ БОЮНЧА АТА-ЭНЕЛЕРДИ ТҮЙШӨЛТКӨН СУРООЛОР

### 71. Балдардын мектептеги тамактануусу азыркы деңгээле сакталабы же өзгөрөбү?

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-июлундагы №402-тескемесине ылайык, 1-4-класстардын окуучуларынын тамактануусу сакталат.

### 72. Бала бакчага барган балдар үчүн ысык тамак берүү каралганбы? Же ата-энелер өздөрү түшкү тамак даярдашабы?

Ата-энелер бул тууралуу тынчсызданбашы керек. Бала бакчага барган балдарга да, мектепте окуган окуучулар сыяктуу эле, түшкү тамак берилет.

### 73. Азыр балдар эрте жетилип, кээси тогузунчу классты бүтүп эле мектептен кетип жатат. Мектепте дагы бир жыл ашыкча окуштун канчалык зарылчылыгы бар эле?

12 жылдык – жөн эле бир класс кошуп коюу эмес, бул дүйнөгө тендешүү. Окууга болгон мамилени өзгөртүүгө түзүлгөн мүмкүнчүлүк. Окуучулар азыраак түйшүк тартып, сабакты терең түшүнүп, алган билимин турмушта пайдаланууга үйрөнөт. Балдардын демилгелери менен көбүрөөк иштөөгө, сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жол ачылат. Балдарга практикалык сабактар көбөйтүлүп, чыгармачылык менен алектенүүгө, спортко, IT технологияларын колдонууга, тил үйрөнүүгө көбүрөөк убакыт берилет. Бул балдарды тышкы чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө ыңгайлашууга жөндөмдүү кылат.

Балдар мектепти аяктап жатканда кайсы кесиптин ээси болорун билип чыгат. Себеби жогорку класстарда окуучулар тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Мисалы, так илимдерге кызыккандар гуманитардык багыттагы предметтер боюнча базалык деңгээлде билим алышат, ал эми өзү тандаган багыттагы предметтерди тереңдетилген деңгээлде окуйт. Медицина жагын тандагандар химия, биология предметтерине басым жасап окуп алышат.

### 74. Менин балам алтыга жаңы толот, мектепке барганга даяр эмес. Алты жаштагы балдарды окутабыз деп жөн эле кыйнап жаткан жокпузбу?

Окуу программасы алты жаштагы балдар үчүн ылайыкталат. Алар үчүн 1-класс адаптация мезгили болуп, окуу оюн түрүндө өтүп, инсандык сапатты, функционалдык сабаттуулук менен коммуникациянын алгачкы көндүмдөрүн өнүктүрүүгө көңүл бурулат. Мындай жумшак өтүү стрессти азайтат.

Алты жаштагы балдар акыл-эси тунук жана кызыгуусу күч болгондугу менен айырмаланат. Балдар мектепти жаңы укмуштуу окуя катары карашат, анткени ал жакта баары жаңы, өзүн чоңдордой сезүү, көз карандысыз болуу кызыгуусу бар. Мугалимдин көрсөтмөлөрүн аткарууга да даяр. Алар башка балдар менен бат эле тил табыша алышат. Бирок окууга даяр болуунун эң маанилүү факторлорунун бири – баланын ден соолугу. Буга жакшы көңүл буруп, көбүрөөк окуп берип, анын кабыл алуу жөндөмдүүлүгүн кеңейтүү зарыл.

### 75. Менин кызым 2019-жылы 25-декабрда төрөлгөн. Сентябрда алтыга чыга элек болот. Өзү дагы кичинекей. Кызымды быйыл мектепке бербей койсом болобу? Эгерде окубай калса эмдиги жылы кайсы класска барып калат?

Беш жарым жаштагы балдар эгерде сентябрь айына карата алты жашка чыга элек болсо, окуу жылынын аягына чейин бала бакчанын жогорку тайпасында кала алат жана кийинки жылы 1-класска барат. Сиздин кызыңызды быйылча бала бакчада калтыра берсеңиз болот. Эгерде сентябрга чейин алты жашка чыккан болсо, бала бакчада кала албайт болчу. Анткени мамлекеттик билим берүү стандартында алты жашка чыккан балдар 1-класска барат деп так көрсөтүлгөн. Андыктан ата-эне ден соолугу чың баласын 1-класска бергенге милдеттүү.

### 76. Менин балам “Балалык” программасынан да, “Наристе” программасынан да өткөн жок. Бирок быйыл 1-класска барат. Мектепке даярдыгы жок эле барып окуй береби же кандайдыр бир даярдык курстарынан өтүшүбүз керекпи?

Балдар бакчасына барбаган же «Наристе» программасынан өтпөгөн 2019-жылы төрөлгөн балдар 1-класска барышат. 1-класстын программасы жеңилдетилип, оюн аркылуу ишке ашкандыктан, балдарга эч

кыйынчылык жаратпайт. Ошондуктан бала даярдыктан өтпөсө ага кабатырлануунун кереги жок. Ал эми 2018-жылы туулган болсо, 2-класска барат. Бала кыска мөөнөттө мектепке даярдоо программасын өздөштүрүшү керек болот. Ата-эне баласын каалаган жерден даярдыктан өткөрө алат.

### 77. Менин баламдын бою да кичинекей, өзү дагы мектепке барууга даяр эмес. Биз өзүбүз да аны мектепке берүүдөн чочулап турабыз. Быйыл мектепке бербей койсок кандай болот?

Биринчи кезекте баланын даярдыгы жана ата-энесинин чечими эске алынат. Беш жаштагы бала бакчада калууга укуктуу, биринчиден, аларды мектепке кабыл албайт. Бала азыр беш жашта болуп сентябрь айынын аягына чейин алты жашка чыкса, мектепке кабыл алынышы мүмкүн. Кокустан ата-энеси даяр эмес деп чечсе, анда кийинки жылы жети жаштагы бала менен 1-класска барат.

### 78. Жаңы окуу жылында 1-2-класстын окуучулары кайсы программа боюнча билим алышат? Ал мурунку программалардан эмнеси менен айырмаланат?

12 жылдык мектептик билим берүү системасынын алкагында 1-класс үчүн иштелип чыккан программа «Наристе» программасынын (480 сааттык мектепке даярдоо курсу) негизинде жана аны эске алуу менен түзүлгөн. Бул жаңы программа балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, өнүгүү деңгээлине, окууга болгон даярдыгына ылайыкташтырылган.

Мисал катары, кыргыз тилинде билим алган 1-класстар үчүн түзүлгөн жаңы программа менен «Наристе» программасынын салыштырма талдоосу төмөндө берилет.

**Таблица 6.**

| САТТАРДЫН САЛЫШТЫРМА АНАЛИЗИ | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| «НАРИСТЕ» | | | | | 1-КЛАСС | | | |
| ОКУУ ЧӨЙРӨСҮ | Предметтик программалар | Аптадагы сааттар саны | Жыл ичиндеги сааттар саны (32 апта) | | ОКУУ ЧӨЙРӨСҮ | Сабактардын аталышы | Аптадагы сааттар саны | Жылдагы сааттар саны (32 апта) |
| Филология | Кеп өстүрүү жана көркөм адабият<br>Сабат ачуу | 2<br>3 | 64<br>96 | | Филология | Кыргыз тили жана окуу | 4 | 128 |
| | Орус тили - экинчи тил | 2 | 64 | | | Орус тили жана окуу | 2 | 64 |
| Математика | Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу | 3 | 96 | | Математика | Математика | 3 | 96 |
| Табигый-илимий<br>Социалдык | Айлана-чөйрө менен тааныштыруу | 1 | 32 | | Табигый-илимий<br>Социалдык | “Мен жана дүйнө” (Адеп, Мекен таануу. Турмуш-тиричилик коопсуздугу, Табият таануу) | 4 | 128 |
| Искусство жана технология | Көркөм өнөр чыгармачылыгы (ИХТ: Лепка/Аппликация) | 2(1/1) | 64 | | Искусство жана технология | Көркөм өнөр жана технология | 2 | 64 |
| | Музыка* | 2* | 64* | | | Музыка | 2 | 64 |
| Ден соолук маданияты | Дене өстүрүү | 2 | 64 | | Ден соолук маданияты | Дене тарбия | 2 | 64 |
| | | 15 | 480 | | | | 19 | 608 |

*Музыка «Наристе» программасында өзүнчө окуу программасы болуп каралган эмес

1-класстын окуу жума жүктөмү мектепке чейинки программага салыштырмалуу 15 сааттан 19 саатка чейин жогорулаган. Бул төмөнкү себептерге байланыштуу:

**1. Музыка сабагы:**

Мектепке чейинки «Нaристе» программасында музыка өзүнчө сабак катары киргизилген эмес, ал «музыкалык тыныгуу» түрүндө гана өтүлгөн. Ал эми мектеп программасында «Музыка» – жума сайын 2 сааттык өзүнчө сабак катары окутулат.

**2. «Айлана-чөйрө менен тааныштыруу» сабагы:**

Мектепке чейинки программадан бул сабак трансформацияланып, 1-класста «Мен жана дүйнө» деген интеграцияланган сабакка айланган. Анын курамына этика, мекен таануу, коопсуздук (ОБЖ), табият таануу сабактары кошулган. Ар бир интеграцияланган компонентке 3 саат кошулган.

**3. Кыргыз тили жана окуу:**

Жалпы окуу жүгүн тең салмактап, балдарга ашыкча күч келбеши үчүн бул предметтин сааты 5 сааттан 4 саатка кыскартылган.

2-класстын окуу жума жүктөмү болсо 1-класска салыштырмалуу 19 сааттан 21 саатка чейин жогорулады.

**Бул төмөнкү өзгөрүүлөргө байланыштуу:**

- Математика сабагына кошумча 1 саат,
- Кыргыз тили жана окуу сабагына кошумча 1 саат берилип, жүктөм жогорулады.

**Жыйынтык:** жаңы программалар мурункуга салыштырмалуу мазмуну жактан байытылды, сабактар интеграцияланды жана жаш куракка ылайык оптималдаштырылды. Окуу жүктөмү да ошого жараша туура балансталган.

Кыргыз тилдүү окуу класстарынын Базистик окуу планынын негизинде төмөндө 1-2-класстарды салыштырабыз.

**Таблица 7**

| 1-класс | |
|---|---|
| Кыргыз тилде окуткан класстарда | |
| БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮ | ОКУУ ПРЕДМЕТИ |
| Филология | Кыргыз тили жана окуу |
| | Орус тили жана окуу |
| Математика | Математика |
| Табигый-илимий | Мен жана дүйнө (Адеп, Мекен таануу, Турмуш-тиричилик коопсуздугу, Табият таануу |
| Искусство жана технология | Көркөм өнөр жана технология |
| | Музыка |
| Ден соолук маданияты | Дене тарбия |
| **608 саат** (окуу жылынын узактыгы 32 апта<br>**1 академ. саат – 35 мин.**<br>**19 саат аптасына** | |

| 2- класс | |
|---|---|
| Кыргыз тилде окуткан класстарда | |
| БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮ | ОКУУ ПРЕДМЕТИ |
| Филология | Кыргыз тили жана окуу |
| | Орус тили жана окуу |
| Математика | Математика |
| Табигый-илимий | Мен жана дүйнө (Адеп, Мекен таануу, Турмуш-тиричилик коопсуздугу, Табият таануу |
| Искусство жана технология | Көркөм өнөр жана технология |
| | Музыка |
| Ден соолук маданияты | Дене тарбия |
| **693 саат.** (окуу жылынын узактыгы.- 33 апта<br>**1 академ. саат –45 мин.**<br>**21 саат аптасына.** | |

## 79. 12-класстын окуучулары күнүнө канча саат окушат?

Окуучулардын жүктөмүн аныктоочу базистик окуу планы иштелип чыкты. Анда сабактын узактыгы санитардык талаптарга жана эрежелерге ылайык көрсөтүлдү. Сабактар оюндун элементтери менен өткөрүлөт.

1-класстын негизги окуу жүктөмү «Наристе» программасынын ченемдерине ылайык аныкталган.

**2025-2026-окуу жылында:**

- 1-класстын апталык окуу жүктөмү – 19 саат. Бир сабактын узактыгы – 35 мүнөт.
- 2-класстын апталык окуу жүктөмү – 21 саат. Бир сабактын узактыгы – 45 мүнөт.

**Таблица 6.**

| Класстар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жумалык окуу жүктөмү | 19 | 21 | 22 | 22 | 27 | 28 | 30 | 29 | 30 | 29 | 29 |

### 80. Жаңы моделде окуучуларга сабактар оюн түрүндө өтүлөт деп жатышат. Анда балдарга баа коюлбай калабы? Анда балдардын сабакка болгон кызыгуусу таркап кетпейби?

Жаңы моделде деле мурдагыдай эле баалоонун үч түрү: диагностикалык, калыптандыруучу жана суммативдик баалоо колдонулат. 1-3-класстарда болсо баа коюлбайт. Анын ордуна жазуу жүзүндө же оозеки түрдө сапаттуу сүрөттөөчү баалоого гана жол берилет. Мындай мамиле окуучунун күчтүү жактарын жакшы түшүнүүгө жана аны өнүктүрүүгө жардам берет.

Башкача айтканда, мугалим өзүнүн сабак өтүү методикасына жараша балдарды кызыктырган ыкмаларды колдонсо болот. Аларды дептеринин тапшырма аткарган жерине чаптап койсо, балага кадимкидей кубаныч тартуулайт, сабакка болгон кызыгуусун арттырат. Кыскасы, баланы сабакка кызыктыруу мугалимдин чеберчилигине жараша болот.

11 жылдык мектептин программасы менен окуп жатканда 3-класстарда баалар адаттагы шкала менен коюла берерин белгилеп коюу маанилүү.

### 81. Менин улуу балам азыр 1-класста окуйт. Ал эми калгандары эми гана 1-класска кирет. Алар 2-класста бирдей программа боюнча окушабы?

2025-2026 окуу жылында 2-класстагы эки параллелдүү класстын окуу программалары ар башка болот. 2024-2025 окуу жылында 1-классты бүтүп жаткан окуучулар 2-класста 11 жылдык окуу программасы боюнча окуусун улантышат. Ал эми 2024-2025 окуу жылында 0-классты, бала бакчалардагы даярдоо топторун бүткөндөр 2-класста 12 жылдык билим берүү программасы боюнча окушат. 7-класстан баштап эки класстын окуу программалары бирдей болот.

### 82. Жаңы модель менен окуп баштаганда сабактар азаябы? Балдар бир күндө жети сабактан окушат. Бул аларды тескерисинче чарчатып жатат.

Жаңы технологиялардын киргизилиши менен окуу жүктөмү азаят жана окуучулардын көтөргөн сумкалары жеңилдейт. Себеби билим берүү санариптик технологиялар жана жасалма интеллект менен интеграцияланат. Заманбап билим берүү платформалары жана электрондук окуу китептери киргизилет.

Сааттардын жүктөмүндөгү өзгөрүүлөр негизинен жогорку класстарда болот. Анткени ага профилдик окутуу киргизилет. Аларда милдеттүү сааттар азаят. Мисалы, мурун окуучу 30 саатты кааласа, каалабаса да окуган болсо, эми 10-11-12-класска келгенде, бул 20, 18 саатка түшөт да, калган 10 саат, 8 саат ошол окуучу тандаган профилге ылайык, мисалы, инженерияны тандаса, анда физика, математикага, эгер медицинаны тандаса, химия, биологияга, ал эми гуманитардык багытты тандаса, социалдык предметтерге көбүрөөк саат берилет.

### 83. Өтө татаал жазылып калган окуу китептерин алмаштыруу керекпи? Кээде окуучу эмес биз, ата-энелер түшүнбөй калабыз.

Мурунку окуу китептери татаал академиялык тил менен жазылып калган. Азыр болсо алар практикалык билимге жана заманбап методикаларга багытталган. Бул окуу китептери маалыматты тек гана жаттап алууга эмес, окуучулардын өз алдынчалуулугун өнүктүрүүгө, сынчыл ой жүгүртүүнү калыптандырууга жана интерактивдүү тапшырмалардын эсебинен жашоого эң керектүү шык-жөндөмдү арттырууга өбөлгө болот.

Эң башкысы жаңы окуу китептери мамлекеттик жана эл аралык билим берүү стандарттарына шайкеш. Учурда бардык класстар үчүн математика, табият таануу, физика, химия, биология жана англис тили боюнча окуу материалдары толугу менен жаңыланууда. Алар окуучу үчүн окуу китеби менен иш дептерин, мугалим үчүн аудио жана видео материалдар менен окуу-методикалык колдонмолорду камтыган окуу-методикалык комплекстерден турат. Тапшырмаларда, көнүгүүлөрдө балдарды турмушка даярдоого, темаларды түшүндүрүүдө эки-экиден жана топтордо иштөө аркылуу командалык иштөө ыкмаларына үйрөтүүгө басым жасалат.

### 84. Айрым жаңы китептерге ижара төлөчү элек. Жаңы чыга тургандарга дагы төлөйбүзбү?

Жаңы китептер мурдагыдай эле ижарага берилет. Ар бир окуу китеби үчүн ижара акысы белгиленген тартипке ылайык билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик орган тарабынан жыл сайын эсептелинет.

### 85. Мектептерге бир учурда 1- жана 2-класстын балдары кабыл алынган жатат. Эгер орун жетишсиз болсо, аларды кантип жайгаштырат?

Мектеп инфраструктурасы – 12 жылдык билим берүүгө өтүүдө эң көп талкууланган маселелердин бири. Мектептердин жетишсиздиги, айрыкча, Бишкек шаарында өтө курч сезилет. Себеби, борборго Кыргызстандын бардык аймактарынан көчүп келишүүдө. Кээ бир балдар эки-үч нөөмөттө окушат. Азыр бул маселе мамлекет үчүн приоритеттүү багыттардын бири болуп саналат. Президент кошумча имараттарды жана чоң мектептерди куруу үчүн 50 миллион доллар бөлдү. Соңку үч жылда 268 мектеп курулду. Учурда дагы 190 мектеп курулуп жатат.

Бишкек шаарында жана борборго жакын жайгашкан Чүй облусунун аймагында дагы 46 мектеп курулат. Жалпысынан республика боюнча болжол менен 200 жаңы мектеп куруу пландалууда. Бишкек шаарында балдары аз болгон жана чоң мектептерде оптимизация жүргүзүлөт. Бул үчүн Агартуу министрлиги атайын буйрук чыгарды. Ага ылайык, жалпы 53 жалпы билим берүү уюму бириктирилет, алардын 22 – Ош облусунда, 10 – Нарында, 6 – Чүйдө, 5 – Баткенде, 5 – Жалал-Абадда, 20 – Таласта жана 1 – Ысык-Көлдө жайгашкан. Бул иш 2024-жылдын 1-ноябрына чейин аяктайт. Ата-энелерге алдын ала кабар берилет жана балдарынын кайсы жерде жана кантип окуй турганы тууралуу түшүндүрмө берилет.

### 86. Орун жетпеген мектептерде балдар бала бакчаларда окуйт экен. Анда бала бакчадагы балдар эмне болот? Бири бирине тоскоол болушпайбы, анткени бакчанын балдары түшкүсүн уктап, бир маал эшикке чыгып ойношот эмеспи?

Орун жетпеген мектептерге жакын жайгашкан бала бакчаларда бир бөлмө класс катары долбоорлонуп, 1-класстын окуучулары график боюнча окуйт. Окуусун аяктагандан кийин балдар үйлөрүнө кетишет. Бөлмөлөргө доска, парталар коюлуп, окуу материалдары менен камсыздалып, талапка жараша жабдылат. Балдар үчүн жагымдуу атмосфера түзүлөт.

Аларды тарбиячылар эмес, башталгыч класстын мугалимдери окутат. Сабактар балдардын жашына жараша оюн түрүндө өтүлөт. Бул балдарга бала бакчадан мектепке оңой, стрессиз өткөнгө өбөлгө түзөт.

Ал эми бала бакчаларда болсо орун жетиштүү. Ар бир баланын орду сакталат. Эч ким мектепке чейинки билимсиз калбайт. Агартуу министрлиги жана жергиликтүү бийлик кайсы топторду кайда жайгаштырууну алдын ала пландаштырат: кээ бир жерлерде кошумча жайларды ачышат, кээ бир жерлерде имараттарды же бөлмөлөрдү пайдаланууну оптималдаштырышат. Бул жерде балдардын кызыкчылыгы артыкчылыктуу болуп саналат. Мектеп окуучулары да, бала бакчалардын балдары да өздөрүн ыңгайлуу, коопсуз сезиши жана аларга керектүү көңүл бурулушу үчүн тиешелүү шарттар түзүлөт.

### 87. Эмне үчүн класстарда дагы деле 45-55 окуучу болуп жатат? Мугалим баарына жетишип иштей албайт.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2024-жылдын 27-августундагы №519 токтомуна ылайык, айыл мектептеринде бир класста окуучулардын минималдык саны 25, максималдык саны 30 бала, ал эми шаар мектептеринде 36 бала болуп белгиленген. Бирок, калкы көп шаарларда бул норма сакталбай жатат. Мектеп директорлору класс толуп кетсе да окуучуларды кабыл алууга мажбур.

Жаңы билим берүү модели киргизилгенде өзгөрүүлөр болот. Анткени өлкө боюнча көп мектептер курулууда. Бишкек шаарында жана Чүй облусунун борборго жакын жайгашкан зоналарында дагы 46 мектеп курулат. Жалпысынан республика боюнча болжол менен 200 жаңы мектеп куруу пландалууда. Учурда 190 мектептин курулушу жүрүүдө.

### 88. Бир эле мугалим 1-класстан 6-класска чейин окутабы?

12-жылдык билим берүү концепциясына ылайык, 5-6-класстар предметтик мугалимдер тарабынан окутулат. Бул маселе башталгыч класстардын мугалимдери кайра даярдык курстарынан өтүп бүткөндөн кийин такталат.

### 89. Мектеп формасы мурдагыдай эле калабы же өзгөрүүлөр болушу мүмкүнбү

Окуучулардын мектеп формасы мурдагыдай эле калат. Ал классикалык стилде, кара, ак, кочкул кызыл түстүү болууга тийиш.

**90. Балам 7-класста окуйт. Мектепте физика мугалими жок бир чейрек бул сабакты окушкан жок. Мугалим тартыштыгы кандай чечилет?**

Учурда республика боюнча 850 предметтик мугалим жетишпейт. Мугалимдердин жетишсиздигин педагогикалык факультеттердин жана дуалдык билим берүү программасы боюнча окуган студенттердин жардамы менен толтуруу пландалууда. Мугалимдер үчүн өзүн өзү өркүндөтүү боюнча 100 сааттык онлайн курстарды киргизилди.

Мугалим трансформациянын борборунда турат. Азыр мугалимдерди баалоо жана тандоо үчүн санариптик платформа болгон Педагогикалык кадрлардын улуттук резерви түзүлүүдө. Келечекте мугалимдерди даярдоо жаңы стандарттар боюнча жүргүзүлөт, ал үчүн атайын илимий топтор иштеп жатат. Мугалимдерге болгон талап дагы күчөйт, ошол эле учурда мамлекет аларды колдоо үчүн жасалма интеллекттин күчүн колдонууну максат кылууда.

**91. Азыр балдар мектептен сабак окубай эле телефондон ар кандай оюндарды ойноп жатышат. Мектептен смартфон колдонууга тыюу салып койсо болбойбу?**

«Жалпы билим берүүчү уюмда мобилдүү түзүлүштү пайдаланууну жөнгө салуу жөнүндө» мыйзам 2025-жылдын 30-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынып, Кыргыз Республикасынын Президенти 26-июнда аны бекитти.

Мыйзам мектепте чөнтөк телефонду колдонууга тыюу салбай, аны туура пайдаланууга багытталган. Ага ылайык, мектепке же кесиптик билим берүү жайына кирип бара жатканда окуучулар, ал жакта иштеген кызматкерлер жана тыштан келген жарандар телефонду, смартфонду, планшетти жана ноутбукту үнсүз режимге коюшу керек. Ал эми окуучу класска, кабинетке же аудиторияга киргенде өзүнүн мобилдик түзүлүшүн толук өчүрүп, атайын орнотулган кутучага салууга милдеттүү.

**92. Мектептерде акча чогултууга тыюу салынганы менен ар кандай шылтоолорду таап акча чогултуулар тыйылбай жатат. Окуу жылы аяктап калды, эми ремонт үчүн сурап башташат.**

Кыргызстанда балдардын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында акысыз билим алуу укугун ишке ашыруу максатында мектепте акча чогултууга тыюу салган атайын мыйзам ка-

был алынган. Ага ылайык бир дагы мектепте акча чогултулбашы керек. Мыйзамда мамлекеттик жалпы билим берүү уюмдарына ондоп-түзөөгө, кайтарууга жана зарыл болгон тиричилик предметтерин сатып алууга акча каражаты милдеттүү түрдө Кыргызстандын мамлекеттик бюджетинен бөлүнөт деп жазылган. Андыктан мыйзамсыз акча чогулткан жеке жактар 20 миң сом айыпка жыгылат. Коомдук фонддорду түзүүгө да болбойт. Мындай фонддорду түзүп алган жеке жактар 40 миң, юридикалык тараптар 60 миң сом айып төлөйт. Ал эми ата-эненин ыктыярдуу түрдө берген материалдык көмөгү мыйзам бузуу болуп саналбайт.

### 93. Электрондук күндөлүктүн артыкчылыгы эмнеде? Ал акысыз болобу же жыл сайын акча төлөйбүзбү?

Электрондук күндөлүк – бул окуу процессин көзөмөлдөгөн мыкты курал. Ал акысыз колдонулат. Мугалимдер, окуучулар жана ата-энелер үчүн бирдиктүү маалыматтык платформа. Анын жардамы менен күнүмдүк окуу графиги, тапшырмалар, баалар жана мектептеги маанилүү маалыматтар жеткиликтүү болот.

Электрондук күндөлүктүн артыкчылыгы - ата-эне жана окуучу каалаган убакта телефон же компьютер аркылуу күндөлүктү текшере алат. Ал аркылуу мугалим менен ата-эне баланын жетишкендиктери же кыйынчылыктары тууралуу сүйлөшсө болот.

Бул система өзгөчө ата-энелер үчүн ыңгайлуу. Алар баласынын сабакка катышуусун, бааларын жана тапшырмаларды аткаруу мөөнөттөрүн онлайн көзөмөлдөй алат. Эгер кандайдыр бир көйгөй жаралса, мугалим менен байланышуунун эң оңой жолу дагы ушул система аркылуу жүргүзүлөт.

Окуучулар болсо тапшырмаларын өз убагында текшерип, кайсы багытта көбүрөөк аракет кылуу керектигин билишет. Бул алардын өз алдынча жоопкерчилигин өстүрөт.

### 94. 1-класстар дагы электрондук күндөлүк колдонушабы?

3-класска чейин окуучуларга баа коюлбагандыктан, 1-3-класстар электрондук күндөлүк колдонушпайт.

**95. Мектептерде зордук-зомбулук күчөп, балдарды мектепке жибергенден да коркуп калдык. Бул көйгөйдү чечүүгө кандай чаралар көрүлүүдө?**

Мектептердеги рэкетчиликтин тамырын кыркуу, зордук-зомбулукка жол бербөө максатында министрлик тарабынан көп иштер жасалууда. Кыргыз Республикасынын аймагында жалпы 2377 мектеп болсо, алардын 1848 мектебинде (80%) видеокамералар орнотулган. Учурда дагы калган мектептерде камера орнотуу иштери жүрүүдө. ИИМдин маалыматына ылайык борбор калаа Бишкектеги мектептерде 214 видеокамера орнотулган, анын 144 ИИМдин кырдаалдык борбору менен байланышылган. Ошондой эле айрым мектептерде кырдаалды билдирүү үчүн "Коопсуз баскычтары" орнотулган.

Министрлик тарабынан "Э-Күндөлүк" мобилдик тиркемеси иштелип чыгып, мобилдик тиркемеде "Коркпо, билдир!" аталышындагы портал киргизилген. Бул порталга укук бузууларга кабылган ар бир окуучу кайрылган учурда, маалымат Билим берүү жана илим министрлигине жана Ички иштер министрлигине келип түшөт жана ыкчам тиешелүү иштерди жүргүзгөнгө мүмкүнчүлүк берет.

Системалык негизде "Санарип сабак" YOUTUBE каналына сергек жашоо образы, адам жана коом, зомбулуктун жана укук бузуулардын алдын алууга багытталган видеотасмалар жайгаштырылып турат. Учурда бул каналды оптималдаштыруу максатында кыска видеотасмалардын сценарийлери иштелип чыгууда жана тиешелүү донорлор, Ички иштер министрлиги менен видеотасмаларды тартуу аракеттери көрүлүүдө.

Бирок бул илдеттин алдын алууда мамлекет, коомчулук, ата-эне, мектеп биргелешип иштеп, жапырт киришпесе, жалгыз бир тармактын күчү жетпейт. Анткени адистер балдардын өтө агрессивдүү болуп жатканынын түпкү себеби үй-бүлөгө барып такалат дешет.

**96. Кечээ мектепке чогулушка бардым. Бир класста 36 бала окуса, баякы эле он чакты ата-эне отурдук. Мугалим ата-энелерди чогулта албай убара. Бала мугалимге эмес, биринчи кезекте ата-энеге керек да.**

Билим берүү жана тарбия бирин-бири толуктаган эки негизги процесс. Бирок бүгүнкү күндө бул эки багыт көбүнчө мектептин гана мойнуна жүктөлүп, ата-энелер менен коомдун орду унутулуп жатат. Оку-

муштуулар белгилегендей, билим берүүнүн эффективдүүлүгү 30% мугалимден, 50% ата-энеден, 20% коомдук чөйрөдөн көз каранды. Бул үчилтиктин үзгүлтүккө учурашы минтип чоң кесепеттерге алып келип жатат.

Билим берүү процесси натыйжалуу болушу үчүн мектеп, ата-эне жана окуучу тыгыз иш алып барышы керек. Ошондо гана сапаттуу билим жана тарбия берүү мүмкүн болот. Балдарга адеп-ахлактык баалуулуктарды сиңирүү ата-энелердин тарбия процессине активдүү катышуусу жана мектеп менен ата-эне ортосундагы байланыштын бекемделишинен гана көз каранды. Бул механизмдерди ишке ашыруу аркылуу гана биз адептүү, билимдүү жана жоопкерчиликтүү муунду тарбиялай алабыз.

### 97. Атайын муктаждыгы бар балдар кандай тартипте кабыл алынат?

Балдарды көмөкчү жалпы билим берүү мекемелерине жана коррекциялык класстарга кабыл алуу санитардык нормаларга жана эрежелерге, ошондой эле жалпы билим берүү мекемесинин уставына ылайык жүргүзүлөт жана психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссиянын чечими менен гана «Электрондук каттоо» АМСтен тышкары жүргүзүлөт.

Эгерде ата-энеге/мыйзамдуу өкүлгө жеңилдик берилсе, анда арызды 1mektep.edu.gov.kg порталындагы ата-эненин жеке кабинети аркылуу берүү керек, андай учурда жеңилдикти тастыктаган документти бир айдан кечиктирбей тиркеш керек.

### 98. Менин кызым быйыл 8-классты бүтүп жатат. 9-класстан кийин эле мектептен чыгарып, колледжге же лицейге тапшыралы дегенбиз. Жаңы модель кирип калса, кете албай калабызбы?

Жаңы модель 12-классты гана бүтүрөсүң деп эч кимди мажбурлабайт. Биздин максат – эрте кесиптик багыт берүү. Окуусун кесиптик окуу жайдан улантам деген окуучулар мурдагыдай эле 9-класстан каалаган окуу жайына кете алат. Болгону бала бош калбашы керек.

Мектептен 10-класстан баштап балдар келечектеги тандаган кесибине жана планына жараша айрым предметтерди – математика, физика, химия, гуманитардык илимдерди тереңдетип окушат. Программа натыйжалуу болуш үчүн кайталануучу предметтер кыскартылат. Негизги көңүл табигый илимдерге бурулат, анткени Кыргызстан суу ресурстары чоң,

тоолуу өлкө. Андыктан бул ресурстарды иштетип, жаңы технологияларды өздөштүргөн адистер керек.

### 99. Кийин балдарыбыз 12-классты бүткөндө кесиптик билим алганы тууралуу документ ала алышабы?

Профилдик окутууну аяктагандан кийин орто мектептердин жогорку класстарынын окуучуларына тиешелүү кесиптик квалификация ыйгарылат жана мамлекеттик үлгүдөгү сертификат берилет.

### 100. Жогорку класстарда кандай кесиптер окутулат?

Орто мектептердин жогорку класстарынын окуучуларына профилдик окутууга сунуш кылынган 76 квалификациядан турган кесиптердин тизмеси түзүлдү. Анда курулуш тармагынын, тигүүчүлөрдүн, ашпозчу, айыл, мал чарбачылыгы, багбанчылык, компьютерди жана кеңсе техникаларын оңдоочу сыяктуу кесиптер бар. Бала каалаганын тандап алып окуй берет.

**РЕДАКЦИЯДАН:** *Ата-энелерден жана мугалимдерден келип түшкөн суроолорго жооптор Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин расмий билдирүүлөрүнөн, документтерден, агартуу министри Догдуркүл Кендирбаеванын сүйлөгөн сөздөрүнөн, ЖМКларга берген маектеринен алынды. Ошондой эле министрдин орун басары Надира Жусупбекова, министрликтин башкы адиси Фариза Солтогулова, КББАнын президенти, п.и.д. профессор Назира Дюйшеева, Бишкек музыкалык-педагогикалык институтунун директору, п.и.д. профессор Улан Мамбетакунов, Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун директору, ф.и.к. Алмазбек Токтомамбетов суроолорго тийиштүү жоопторду даярдап беришти.*

## Колдонулган булактар

Президент Садыр Жапаров 12 жылдык билим берүүнүн мааниси жөнүндө
Эдиль Байсалов: Нашей школы скорей нет, чем есть
Догдуркул Кендирбаева: "12 жылдык мектеп – дүйнөлүк үлгү"
Акматалы Алимбеков: 12 жылдык мектеп келечекке кызмат кылат
Кыргыз Республикасында он эки жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясы
Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты

**2025/2026-окуу жылында 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүүчү жалпы билим берүү уюмдары үчүн базистик окуу планы**
Кыргызстан переходит на 12 – летнее образование. А сколько лет учатся в школах других стран?
Еще раз о переходе на 12-летнее школьное образование и не только об этом
Основные преимущества 12-летнего образования?
Как 12-летнее образование скажется на профтехобразовании?
12 жылдык мектеп: мугалимге жооп
12-летнее образование – разгрузка учебной нагрузки
"Узартуу эмес, дүйнөгө теңдешүү". Кыргызстан мектептин 12 жылдык моделине көчөт
Өмүрзак Мамаюсупов: 12 жылдык мектеп - турмуштук зарылдык
Жаңыланган мамлекеттик стандарт жана улуттук билим берүүнүн жаңы модели
Мугалим – заманбап өзгөрүүнүн өзөгүндө